# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 32 “Финансылык инструменттер: маалымат берүү»

## Максаты

1 [Алып салынган]

2 Ушул стандарттын максаты – финансылык инструменттер капиталдын же милдеттенменин курамында бериле турган, ошондой эле финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди өз ара чегеришүү жүргүзүлө турган принциптерди белгилөө. Бул стандарт финансылык активдердин, финансылык милдеттенмелердин жана үлүштүк инструменттердин эмитенти тарабынан финансылык инструменттерди классификациялоого; аларга таандык болгон пайыздарды, дивиденддерди, зыяндарды жана башка кирешелерди классификациялоого; ошондой эле финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер өз ара чегерилүүгө тийиш болгон шарттарга карата колдонулат.

3 Ушул стандартта баяндалган принциптер «*Финансылык инструменттер*» ФОЭС (IFRS) 9да баяндалган финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди таануу жана баалоо принциптерин, ошондой эле «*Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IFRS) 7де баяндалган алар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү принциптерин толуктайт.

## Колдонуу чөйрөсү

**4 Ушул стандарт төмөндөгүлөрдү кошпогондо финансылык инструменттердин бардык типтерине карата бардык ишканалар тарабынан колдонулушу керек:**

**(a) *«Бириктирилген финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IFRS) 10, *«Өзүнчө финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 27 же *«Ассоциацияланган же биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28 стандарттарына ылайык эсепке алынуучу туунду ишканалардагы, ассоциацияланган же биргелешкен ишканалардагы катышуу үлүштөрүн. Бирок айрым учурларда ФОЭС (IFRS) 10, ФОЭС (IAS) 27 же ФОЭС (IAS) 28 стандарттары ишканадан туунду ишканалардагы, ассоциацияланган же биргелешкен ишканалардагы катышуу үлүштөрүн ФОЭС (IFRS) 9ду пайдалануу менен эсепке алууну жүзөгө ашырууну талап кылат же ишканага ушундай кылууга уруксат берет. Мындай учурларда ишканалар ушул стандарттын талаптарын колдонууга тийиш. Ошондой эле, ишканалар ушул стандартты туунду ишканалардагы, ассоциацияланган же биргелешкен ишканалардагы катышуу үлүштөрүнө тиешеси бар бардык туунду инструменттерге карата колдонушу керек;**

**(b) *«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19 колдонула турган, иш берүүчүлөрдүн кызматкерлерге пенсиялык пландары боюнча укуктарын жана милдеттенмелерин;**

**(c) [Алып салынган]**

**(d)** **камсыздандыруу келишимдерин** ***«Камсыздандыруу келишимдери»*** **ФОЭС (IFRS) 4 маанисинде. Бирок ушул стандарт, эгерде ФОЭС (IFRS) 9 ишкананын туунду инструменттерди өзүнчө эсепке алуусу талап кылынса, камсыздандыруу келишимдерине камтылган туунду инструменттерге карата колдонулат. Мындан тышкары, эгерде эмитент финансылык кепилдиктер келишимдерин таанууда жана баалоодо ФОЭС (IFRS) 9ду колдонсо, финансылык кепилдиктер келишимдерине карата ушул стандартты колдонушу керек, бирок, эгерде эмитент ФОЭС (IFRS) 4түн 4(d)-пунктуна ылайык мындай келишимдерди таанууда жана баалоодо ФОЭС (IFRS) 4тү колдонууну тандап алса, ФОЭС (IFRS) 4 колдонушу керек;**

**(e)** **ФОЭС (IFRS) 4түн колдонулуу чөйрөсүндө турган финансылык инструменттерди, анткени алар өзүндө кошумча пайдаларды алуунун кепилденбеген мүмкүндүгүн камтыйт. Мындай инструменттердин эмитенти ушул стандарттын 15 - 32 жана AG25 - AG35-пункттарын финансылык милдеттенмелердин жана үлүштүк инструменттердин ортосундагы айырмачылыкты көрсөтүүчү ушундай белгилерге карата колдонуудан бошотулат. Бирок, бул инструменттерге ушул стандарттын бардык талаптары кирет. Мындан башка, ушул стандарт көрсөтүлгөн инструменттерге камтылган туунду инструменттерге карата колдонулат (ФОЭС (IFRS) 9ду караңыз);**

**(f)** ***«Акцияларга негизделген төлөм»*** **ФОЭС (IFRS) 2 колдонула турган акцияларга негизделген төлөмдөр боюнча операцияларында келип чыгуучу финансылык инструменттерди, келишимдерди жана милдеттенмелерди, буларга төмөнкүлөр кошулбайт**

**(i)** **ушул стандарттын 8 – 10-пункттарынын колдонуу чөйрөсүндө турган, ушул стандарт колдонулуучу келишимдер;**

**(ii)** **ушул стандарттын кызматкерлер үчүн акциялардын опциондук пландарына, акцияларды кызматкерлер тарабынан жана акцияларга негизделген төлөмдөр келишимдери боюнча сатып алуунун пландарына байланыштуу сатып алынган, сатылган, чыгарылган жана жокко чыгарылган, акционерлерден сатып алынган өздүк акцияларга карата колдонула турган 33 жана 34-пункттары.**

5–7 [Алып салынган]

**8** **Ушул стандартты акча каражаттарынын же башка финансылык инструменттин жардамы менен же келишимдер финансылык инструменттер болгон учурдагыдай финансылык инструменттерди алмашуу жолу менен нетто-эсептешүү жүргүзүлө турган финансылык эмес объектилерди сатып алуу же сатуу келишимдерине карата колдонуу керек. Бул келишимдерге ишкананын сатып алууларга, сатууларга жана керектөөгө болгон күтүлгөн муктаждыктарына ылайык финансылык эмес объектини алуу же берүү максатында түзүлгөн же кармалып турган келишимдер кошулбайт. Бирок ушул стандартты ишкана өз ыктыяры боюнча,** ***«Финансылык***

***инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9дун 2.5-пунктуна ылайык, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалай турган келишимдерге карата колдонуу керек.**

9 Акча каражаттары же башка финансылык инструменттер аркылуу же финансылык инструменттерди алмашуу жолу менен, финансылык эмес объектини сатып алуу же сатуу келишими боюнча нетто-эсептешүү жүргүзүүгө жардам берүүчү ар кандай ыкмалар бар. Аларга төмөнкүлөр кирет:

(a) келишимдин шарттары боюнча кайсы болбосун тарапка акча каражаттары же башка финансылык инструменттер аркылуу же финансылык инструменттерди алмашуу жолу менен нетто-эсептешүү жүргүзүүгө уруксат берүү;

(b) келишимдин шарттары боюнча кайсы болбосун тарапка акча каражаттары же башка финансылык инструменттер аркылуу же финансылык инструменттерди алмашуу жолу менен нетто-эсептешүү жүргүзүү мүмкүндүгү келишимдин шарттарында аныкталбаган, бирок ишканада келишимдин шарттары боюнча кайсы болбосун тарапка акча каражаттары же башка финансылык инструменттер аркылуу же финансылык инструменттерди алмашуу жолу менен (же болбосо каршы тарап менен өз ара чегеришүү келишимин түзүү жолу менен, же болбосо келишим аткарылганга же анын мөөнөтү аяктаганга чейин аны сатуу жолу менен) нетто-эсептешүү жүргүзүүнүн практикасы бар болгон учурлар;

(c) ишканада баалардын кыска мөөнөттүк өйдө-ылдый болуусунан жана дилердик үстөк баа коюудан пайда алуу максатында активди берүүнү алуу жана алгандан кийин аны кыска мөөнөт ичинде сатуу боюнча ушундай келишимдер менен иштөө тажырыйбасынын бар болушу; жана

(d) келишимдин предмети болуп саналган финансылык эмес объектини акча каражатына тез конвертациялоо мүмкүндүгү.

Эгерде келишим (b) же (c) пункттары колдонула турган келишим болсо, ал ишкананын сатып алууларга, сатууларга жана керектөөгө күтүлгөн муктаждыктарына ылайык финансылык эмес объектини алуу же берүү максатында түзүлбөйт, демек, ушул стандарттын колдонулуу чөйрөсүндө турат. 8-пункт колдонула турган башка келишимдерди кароо алар ишкананын сатып алууларга, сатууларга жана керектөөгө күтүлгөн муктаждыктарына ылайык финансылык эмес объектини алуу же берүү максатында түзүлгөнүн жана аткарылганын, демек, ушул стандарттын колдонулуу чөйрөсүндө турарын аныктоо үчүн жасалат.

10 Акча каражаттары же башка финансылык инструменттер аркылуу же финансылык инструменттерди алмашуу жолу менен нетто-эсептешүү жүргүзүлүшү мүмкүн болгон финансылык эмес объектини сатып алууга же сатууга карата чыгарылган опцион 9(a) же (d) пункттарына ылайык ушул стандарттын колдонулуу чөйрөсүндө турат. Мындай келишим ишкананын сатып алууларга, сатууларга жана керектөөгө күтүлгөн муктаждыктарына ылайык финансылык эмес объектини алуу же берүү максатында түзүлүшү мүмкүн эмес.

## Аныктамалар (ошондой эле AG3 - AG23-пункттарды караңыз)

**11 Ушул стандартта төмөнкүдөй терминдер көрсөтүлгөн маанилеринде пайдаланылат:**

***Финансылык инструмент*** **– бир эле убакытта бир ишканада финансылык активдин жана башка ишканада финансылык милдеттенменин же үлүштүк инструменттин пайда болушуна алып келген келишим.**

***Финансылык актив*** **– төмөнкүлөр болуп саналуучу актив:**

**(a) акча каражаттары;**

**(b) башка ишкананын үлүштүк инструменти;**

**(c) келишимдик укук;**

**(i) башка ишканадан акча каражаттарын же башка финансылык активдерди алуу; же**

**(ii) финансылык активдерди же милдеттенмелерди башка ишкана менен ишканага мүмкүн болгон жагымдуу шарттар менен алмашуу; же**

**(d) ал боюнча эсептешүү өздүк үлүштүк инструменттерди берүү жолу менен жүргүзүлө турган же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон жана төмөнкүлөр болуп саналган келишим;**

**(i) ага ылайык ишкана өзүнүн үлүштүк инструменттерин өзгөрүлүүчү санда алууга милдеттенген же милдеттениши мүмкүн болгон туунду эмес инструмент; же**

**(ii) ал боюнча эсептешүү бекитилген суммадагы акча каражатын же башка финансылык активди бекитилген сандагы ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерине алмашуу жолунан айырмаланган ыкмалар менен жүргүзүлө турган же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон туунду инструмент. Бул максаттар үчүн ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери 16A жана 16B-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланууучу кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттерди, жоюу учурунда гана ишкананын таза активдеринин үлүшүнө пропорционалдуу үлүштү башка тарапка берүүгө милдеттенмени ишканага жүктөгөн инструменттерди камтыбайт жана 16C жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары же келечекте ишкананын өзүнүн үлүштүк инструменттерин алууга же берүүгө келишимдер болуп саналган инструменттер катары классификацияланат.**

***Финансылык милдеттенме*** **– төмөнкүлөр болуп саналуучу милдеттенме:**

**(a) келишимдик милдеттенме:**

**(i) башка ишканага акча каражаттарын же башка финансылык активди берүү боюнча; же**

**(ii) финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди башка ишкана менен ишканага жагымсыз шарттар менен алмашуу боюнча; же**

**(b) ал боюнча эсептешүү өздүк үлүштүк инструменттерди берүү жолу менен жүргүзүлө турган же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон жана төмөнкүлөр болуп саналган келишим;**

**(i) ага ылайык ишкана өзүнүн үлүштүк инструменттерин өзгөрүлүүчү санда алууга милдеттенген же милдеттениши мүмкүн болгон туунду эмес инструмент; же**

**(ii) ал боюнча эсептешүү бекитилген суммадагы акчаны же башка финансылык активди бекитилген сандагы ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерине алмашуу жолунан айырмаланган жолдор менен жүргүзүлө турган же жүргүзүлүшү мүмкүн болгон туунду инструмент. Ушул максатта, ишкананын өздүк үлүштүк куралдарынын кайсы валютадагы болбосун бекитилген суммасы боюнча бекитилген санын сатып алууга укуктар, опциондор же варранттар, эгерде ишкана ага таандык болгон туунду эмес үлүштүк куралдар классына кире турган өзүнүн бардык ээлерине бул укуктарды, опциондорду же варранттарды пропорционалдык негизде сунуш кылса, алар үлүштүк куралдар болуп саналат. Бул максаттар үчүн ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери 16А жана 16В-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланууучу кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттерди, жоюу учурунда гана ишкананын таза активдеринин үлүшүнө пропорционалдуу үлүштү башка тарапка берүүгө милдеттенмени ишканага жүктөгөн инструменттерди камтыбайт жана 16С жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары же келечекте ишкананын өзүнүн үлүштүк инструменттерин алууга же берүүгө келишимдер болуп саналган инструменттер катары классификацияланат.**

**Өзгөчө учур катары, финансылык милдеттенменин аныктамасына туура келүүчү инструмент, эгерде ал 16А жана 16В-пункттарында же 16С жана 16D-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болсо жана бардык шарттарга туура келсе, үлүштүк инструмент катары классификацияланат.**

***Үлүштүк инструмент* – ишкананын бардык милдеттенмелери алып салынгандан кийинки калган активдериндеги калдык үлүшкө укукту ырастоочу келишим.**

***Адилет нарк* – баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда демейки операцияны жүргүзүүдө активди сатканда алына турган же милдеттенмени өткөрүп бергенде төлөнө турган баа («*Адилет наркты баалоо*» ФОЭС (IFRS) 13тү караңыз).**

***Кайра артка сатуу укугу менен инструмент* – инструменттин ээсине инструментти анын эмитентине акча каражаттарына же башка финансылык активдерге кайра**

**артка сатуу укугун берүүчү же келечекте айкын эмес окуя келип чыкканда, инструменттин ээси каза болгондо же пенсияга кеткенде өзүнүн ээсине автоматтык түрдө кайтарылуучу финансылык инструмент.**

12 Төмөнкү терминдер ФОЭС (IFRS) 9дун А Тиркемесинде же *«Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо»* ФОЭС (IAS) 39дун 9-пунктунда аныкталган жана ушул стандартта ФОЭС (IAS) 39да жана ФОЭС (IFRS) 9да көрсөтүлгөн маанисинде пайдаланылат.

- финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркы
- таанууну токтотуу
- туунду инструмент
- натыйжалуу пайыздык ставка методу
- финансылык кепилдик келишими
- өзгөрүлүшү пайданын же зыяндын курамында чагылдырыла турган адилет нарк боюнча эсепке алынуучу финансылык милдеттенме
- бекемделген келишим
- болжолдонгон операция
- хеджирлөөнүн натыйжалуулугу
- хеджирленүүчү объект
- хеджирлөө инструменти
- соодага арналган
- стандарттык шарттарда сатып алуу же сатуу
- операциялык чыгымдар.

13 Ушул стандартта келишим жана келишимде шартталган деген терминдер эки же андан көп тараптардын ортосунда түзүлгөн, тараптардын баш тартууга мүмкүнчүлүгү иш жүзүндө (же такыр эле) болбогон экономикалык айкын кесепеттерге алып келген макулдашууларга тиешелүү болот, баш тартууга мүмкүндүктүн болбошу, эреже катары, мыйзамда мындай макулдашууну сот тартибинде мажбурлап аткартуу каралгандыгынан улам келип чыгат. Келишимдер, демек, финансылык инструменттер да ар кандай формаларда болушу мүмкүн жана алардын жазуу жүзүндө таризделиши милдеттүү эмес.

14 Ушул стандартта ишкана деген термин жеке жактарга, шериктиктерге, акционердик коомдорго, ишеним фонддоруна жана мамлекеттик ишканаларга тиешелүү болот.

## Маалымат берүү

**Милдеттенмелер жана өздүк капитал (ошондой эле AG13 - AG14J жана AG25 - AG29A-пункттарын караңыз)**

**15 Финансылык инструменттин эмитенти баштапкы таанууда бул инструментти же аны түзүүчү бөлүктөрдү келишимдин мазмунуна жана финансылык милдеттенменин, финансылык активдин же үлүштүк инструменттин аныктамаларына ылайык финансылык милдеттенме, финансылык актив же үлүштүк инструмент катары классификациялашы керек.**

16 Финансылык инструменттин финансылык милдеттенме эмес, үлүштүк инструмент болуп саналарын аныктоо үчүн эмитент 11-пункттагы аныктамаларды колдонгондо инструмент төмөндө келтирилүүчү (а) жана (b) шарттарынын экөөсүнө тең туура келгенде гана үлүштүк инструмент боло алат:

(a) инструмент төмөнкүдөй келишимдик милдеттенмени камтыбайт

(i) акча каражаттарын же башка финансылык активди башка ишканага өткөрүп берүү; же

(ii) эмитент үчүн мүмкүн болуучу пайдалуу эмес шарттарда финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди башка ишкана менен алмашуу;

(b) Эгерде инструмент боюнча эсептешүү эмитенттин өздүк үлүштүк инструменттерин берүү жолу менен жүргүзүлө турган болсо же жүргүзүлүшү мүмкүн болсо, бул инструмент төмөнкүлөр болуп калат:

(i) эмитент өздүк үлүштүк инструменттеринин өзгөрмө санын берүүгө келишимдик милдеттенмелерди албаган туунду эмес инструмент; же

(ii) ал боюнча эсептешүү акча каражаттарынын же башка финансылык активдин бекитилген суммасын ишкананын өздүк үлүштүк инструменттеринин бекитилген суммасына алмашуу менен гана жүргүзүлө турган туунду инструмент. Бул максаттар үчүн, ишкананын өздүк үлүштүк инструменттеринин кайсы валютадагы болбосун бекитилген суммасы боюнча бекитилген санын сатып алууга укуктар, опциондор же варранттар, эгерде ишкана ага таандык болгон туунду эмес үлүштүк инструменттер классына кире турган өзүнүн бардык ээлерине бул укуктарды, опциондорду же варранттарды пропорционалдык негизде сунуш кылса, алар үлүштүк инструменттерге кирет. Мындан тышкары, эмитенттин бул максаттар үчүн өздүк үлүштүк инструменттерине 16А жана 16В-пункттарында же 16С жана 16D-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болгон жана бардык шарттарга туура келген инструменттер же келечекте өздүк үлүштүк инструменттерди алуунун же берүүнүн келишимдери болуп санала турган үлүштүк инструменттер кирбейт.

Эмитенттин өздүк үлүштүк инструменттерин алууга же берүүгө алып келе турган же алып келиши мүмкүн болгон, бирок жогоруда көрсөтүлгөн (а) жана (b) шарттарына туура келбеген келишимдик милдеттенме, туунду финансылык инструменттен келип чыгуучу

милдеттенмени кошуп алганда, үлүштүк инструмент болуп саналбайт. Өзгөчө учур катары, финансылык милдеттенменин аныктамасына туура келүүчү инструмент, эгерде ал 16А жана 16В-пункттардаын же 16С жана 16D-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болсо жана бардык шарттарга туура келсе, үлүштүк инструмент катары классификацияланат.

**Кайра артка сатуу укугу менен инструменттер**

16А Кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструмент өзүндө сатууга опционду аткарууда акча каражаттарына же башка финансылык активге алмашуу менен эмитенттин бул инструментти кайра артка сатып алуу же төлөө боюнча келишимдик милдеттенмесин камтыйт. Финансылык инструментти аныктоого карата айрыкча жагдай катары, мындай милдеттенмени камтыган инструмент, эгерде ал төмөнкүдөй мүнөздөмөлөргө ээ болсо, үлүштүк инструмент катары классификацияланат:

(a) ишкана жоюлган учурда анын таза активдеринин пропорционалдык үлүшүнө укукту анын ээсине берет. Ишкананын таза активдери – анын активдери боюнча башка бардык талаптарды алып салгандан кийинки калган активдер. Пропорционалдык үлүш төмөнкүдөй жолдор менен аныкталат:

(i) ишкана жоюлганда анын таза активдерин бирдей көлөмдөгү бирдиктерге бөлүү; жана

(ii) ушул сумманы финансылык инструменттин ээсинде болгон бирдиктердин санына көбөйтүү;

(b) инструмент бардык башка инструменттер класстарына карата субординацияланган инструменттер классына таандык болот. Мындай класска киргизүү үчүн инструмент:

(i) ишкана жоюлганда анын активдери боюнча башка талаптардын үстүнөн эч кандай артыкчылыктарга ээ болбошу керек; жана

(ii) бардык башка инструменттер класстарына карата субординацияланган инструменттер классына киргизилгенге чейин башка инструментке конвертациялануусу милдеттүү эмес;

(c) Бардык башка инструменттер класстарына карата субординацияланган бардык финансылык инструменттер окшош мүнөздөмөлөргө ээ болот. Мисалы, алардын баарысы кайра артка сатуу укугуна ээ болушу керек жана ушул класстагы бардык инструменттер үчүн кайра артка сатып алууга же төлөөгө бааны эсептөөнүн бир эле формуласы же башка методу пайдаланууга тийиш;

(d) акча каражаттарына же башка финансылык активге алмашууга инструментти кайра артка сатып алуу же төлөө боюнча эмитенттин келишимдик милдеттенмесинен сырткары ушул инструмент өзүндө акча каражаттарын же башка финансылык активди башка ишканага берүү боюнча же финансылык активдерди финансылык милдеттенмелерди башка ишканалар менен ишкана үчүн мүмкүн болуучу жагымсыз шарттарда алмашуу боюнча башка эч кандай келишимдик

милдеттенмелерди камтыбайт; ошондой эле бул инструмент финансылык милдеттенменин аныктамасынын; (b) пунктчасында баяндалгандай ишкананын өздүк үлүштүк инструменттеринин эсебинен төлөнө турган же төлөнүшү мүмкүн болгон келишим болуп саналбайт;

(e) инструменттин колдонулуу мөөнөтү ичинде инструментке таандык кылына турган акча каражаттарынын жалпы күтүлүүчү кыймылдары негизинен пайдага же зыянга, инструменттин колдонулуу мөөнөтү ичиндеги таанылган таза активдердеги өзгөрүүлөргө жана ишкананын таанылган жана таанылбаган таза активдеринин адилет наркындагы өзгөрүүлөргө жараша болот (ушул инструмент алып келүүчү кайсы болбосун натыйжаларды кошпогондо).

16B Инструментти үлүштүк инструмент катары классификациялоо үчүн анда жогоруда саналып кеткен бардык мүнөздөмөлөрдүн бар болушунан сырткары, эмитент төмөндөгүлөр болжолдонуучу башка эч кандай финансылык инструментке же келишимге ээ болбошу керек:

(a) негизинен пайдага же зыянга, таанылган таза активдердеги өзгөрүүлөргө жана ишкананын таанылган жана таанылбаган таза активдеринин адилет наркындагы өзгөрүүлөргө жараша болгон (ушул инструмент алып келүүчү кайсы болбосун натыйжаларды кошпогондо) акча каражаттарынын жалпы кыймылдары жана

(b) кайра артка сатуу укугу менен инструменттердин ээлери үчүн бекитилген, маңызы боюнча калдык кирешени чектөөнүн же белгилөөнүн натыйжалары.

Ушул шартты колдонуу максатында ишкана инструменттин ээси менен инструменттин ээси болуп саналбаган тараптын жана эмитент ишкананын ортосунда түзүлүшү мүмкүн болгон эквиваленттик келишимдин шарттарына окшош шарттарды караган, 16A-пунктунда сыпатталган финансылык эмес келишимдерди карабашы керек. Эгерде ишкана ушул шарттын сакталганынсакталбаганын аныктай албаса, ал кайра артка сатуу укугу менен инструментти үлүштүк инструмент катары классификациялабашы керек.

**Ишкананын таза активдеринин пропорционалдык үлүшүн ишкана жоюлганда гана башка тарапка берүү боюнча милдеттенмени ишканага жүктөөчү инструменттер же инструменттердин компоненттери**

16C Кээ бир финансылык инструменттер эмитент ишкананын таза активдеринин пропорционалдык үлүшүн ишкана жоюлганда гана башка тарапка берүүсү боюнча эмитент ишкананын келишимдик милдеттенмесин өзүндө камтыйт. Бул милдеттенме ишкананын жоюлуу ыктымалдыгы жогору болгондугунан жана ишкананын контролунан сырткары тургандыгынан улам (мисалы, ишкананын ишмердүүлүгүнүн мөөнөтү чектелгенде) же жоюлуу ыктымалдыгы жогору эмес болуп, бирок инструменттин ээсине тандоо берилгендигинен улам келип чыгат. Финансылык милдеттенменин аныктамасына карата айрыкча жагдай катары, мындай милдеттенмени камтыган инструмент, эгерде ал төмөнкүдөй мүнөздөмөлөргө ээ болсо, үлүштүк инструмент катары классификацияланат:

(a) Ээсине ишкана жоюлганда анын таза активдеринин пропорционалдык үлүшүнө укук берет. Ишкананын таза активдери – анын активдери боюнча бардык башка

талаптарды алып салгандан кийинки активдер. Пропорционалдык үлүш төмөнкүдөй жолдор менен аныкталат:

(i) ишкана жоюлганда анын таза активдерин бирдей көлөмдөгү бирдиктерге бөлүү; жана

(ii) ушул сумманы финансылык инструменттин ээсинде болгон бирдиктердин санына көбөйтүү;

(b) Инструмент бардык башка инструменттер класстарына карата субординацияланган инструменттер классына таандык болот. Мындай класска киргизүү үчүн инструмент:

(i) ишкана жоюлганда анын активдери боюнча башка талаптардын үстүнөн эч кандай артыкчылыкка ээ болбошу керек, жана

(ii) аны бардык башка инструменттер класстарына карата субординацияланган инструменттер классына киргизгенге чейин аны башка инструментке конвертациялоо милдеттүү эмес;

(c) Бардык башка инструменттер класстарына карата субординацияланган инструменттер классынын бардык финансылык инструменттери ишкана-эмитент жоюлганда анын таза активдеринин пропорционалдык үлүшүн берүү боюнча ушундай эле келишимдик милдеттенмени кароого тийиш.

16D Инструментти үлүштүк инструмент катары классификациялоо үчүн анда жогору саналып кеткен бардык мүнөздөмөлөрдүн бар болушунан сырткары, эмитент төмөнкүлөр болжолдонуучу башка финансылык инструментке же келишимге ээ болбошу керек:

(a) негизинен пайдага же зыянга, таанылган таза активдердеги өзгөрүүлөргө жана ишкананын таанылган жана таанылбаган таза активдеринин адилет наркындагы өзгөрүүлөргө жараша болгон (ушул инструмент алып келүүчү кайсы болбосун натыйжаларды кошпогондо) акча каражаттарынын жалпы кыймылдары жана

(b) кайра артка сатуу укугу менен инструменттердин ээлери үчүн бекитилген маңызы боюнча калдык кирешени чектөөнүн же белгилөөнүн натыйжалары.

Ушул шартты колдонуу максатында ишкана инструменттин ээси менен инструменттин ээси болуп саналбаган тараптын жана эмитент ишкананын ортосунда түзүлүшү мүмкүн болгон эквиваленттик келишимдин шарттарына окшош шарттарды караган, 16С-пунктта сыпатталган финансылык эмес келишимдерди карабашы керек. Эгерде ишкана ушул шарттын сакталганынсакталбаганын аныктай албаса, ал кайра артка сатуу укугу менен инструментти үлүштүк инструмент катары классификациялабашы керек.

**Кайра артка сатуу укугу менен инструменттерди жана ишкананын таза активдеринин пропорционалдык үлүшүн ишкана жоюлганда гана башка тарапка берүү боюнча милдеттенмени ишканага жүктөөчү инструменттерди кайра классификациялоо**

© ФОЭС Фонду

16E Ишкана финансылык инструментти 16A жана 16B-пункттарына же 16C жана 16D-пункттарына ылайык, инструментте бардык мүнөздөмөлөр пайда болгон жана ал ушул пункттарда каралган бардык шарттарга туура келген күндөн тартып үлүштүк инструмент катары кайра классификациялашы керек. Ишкана финансылык инструментти бул инструмент ушул пункттарда каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болбой калган жана бардык шарттарга туура келбей калган күндөн тартып кайра классификациялоого тийиш. Мисалы, эгерде ишкана өзү чыгарган, кайра артка сатуу укугу жок инструменттерди төлөсө, ал эми жүгүртүүдө калган, кайра артка сатуу укугу менен кээ бир инструменттери 16A жана 16B-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болсо жана бардык шарттарга туура келсе, ушул кайра артка сатуу укугу менен инструменттерди ишкана бардык кайра артка сатуу укугу жок инструменттерди төлөгөн күндөн тартып үлүштүк инструмент катары кайра классификациялашы керек.

16F Ишкана инструментти кайра классификациялоону 16E-пунктуна ылайык төмөнкүдөй эсепке алышы керек:

(a) Инструмент 16A жана 16B-пункттарында же 16C жана 16D-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болбой калган жана бардык шарттарга туура келбей калган күндөн тартып ишкана үлүштүк инструментти финансылык милдеттенме катары кайра классификациялоого тийиш. Финансылык милдеттенме инструменттин кайра классификациялоо күнүнө карата адилет наркы боюнча бааланышы керек. Ишкана кайра классификациялоо күнүнө карата үлүштүк инструменттин баланстык наркынын жана финансылык милдеттенменин адилет наркынын ортосундагы айырманы таанышы керек.

(b) Ишкана инструмент 16A жана 16B-пункттарында же 16C жана 16D-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болгон жана бардык шарттарды канааттандырган күндөн тартып финансылык милдеттенмени үлүштүк инструмент катары кайра классификациялашы керек. Үлүштүк инструмент кайра классификациялоо күнүнө карата финансылык милдеттенменин баланстык наркы боюнча баалануууга тийиш.

(b) Ишкана инструмент 16A жана 16B-пункттарында же 16C жана 16D-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болгон жана бардык шарттарды канааттандырган күндөн тартып финансылык милдеттенмени үлүштүк инструмент катары кайра классификациялашы керек. Үлүштүк инструмент кайра классификациялоо күнүнө карата финансылык милдеттенменин баланстык наркы боюнча баалануууга тийиш.

**Акча каражаттарын же башка финансылык активди берүү боюнча келишимдик милдеттенменин болбошу (16(a)-пункту)**

17 16A жана 16B-пункттарында же 16C жана 16D-пункттарында сыпатталган шарттарды кошпогондо, финансылык милдеттенмени үлүштүк инструменттен айырмалоочу эң маанилүү белги болуп финансылык инструмент (эмитенттин) боюнча акча каражаттарын же башка финансылык активди эмитент үчүн потенциялык түрдө жагымсыз шарттарда башка тарапка (ээсине) өткөрүп берүү же финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди алмашуу боюнча бир

тараптын келишимдик милдеттенмесинин бар болушу саналат. Үлүштүк инструменттин ээсинде дивиденддердин пропорционалдык үлүшүн же капиталдан бөлүштүрүлүүчү башка каражаттарды алуу укугу бар болушу мүмкүн болсо да, эмитентте каражаттарды мындайча бөлүштүрүүнү жүзөгө ашырууга келишимдик милдеттенме болбойт, анткени андан акча каражатын же башка финансылык активди башка тарапка өткөрүп берүүнү талап кылууга мүмкүн эмес.

18 Ишкананын финансылык абалы жөнүндө отчетто финансылык инструментти классификациялоо анын юридикалык формасы менен эмес, мазмуну менен аныкталат. Мазмун адатта формага туура келет, бирок бардык эле учурларда эмес. Кээ бир финансылык инструменттер өздүк капитал түрүндө юридикалык формага ээ болот, бирок мазмуну боюнча милдеттенме болуп саналат, ал эми башкалары үлүштүк инструменттердин да, финансылык милдеттенмелердин да белгилерин алып жүрөт. Мисалы:

(a) бекитилген же аныкталган күндө, бекитилген же аныкталуучу сумма боюнча келечекте эмитенттин милдеттүү түрдө төлөшүн караган же ээсине инструментти эмитенттин конкреттүү күндө же андан кийин, бекитилген же аныкталуучу баада төлөшүн талап кылуу укугун берген артыкчылыктуу акция финансылык милдеттенме болуп саналат;

(b) бардык мүнөздөмөлөргө ээ болбой калган жана бардык шарттарга туура келбей калган күндөн тартып үлүштүк инструментти финансылык милдеттенме катары акча каражаттарына же башка финансылык активге алмашуу менен инструментти эмитентке кайтарып берүү укугун инструменттин ээсине берген финансылык инструмент ("кайра артка сатуу укугу менен инструмент") финансылык милдеттенме болуп саналат (16A жана 16B-пункттарына же 16C жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланууччу инструменттерди кошпогондо). Акча каражаттарынын же башка финансылык активдин суммасы индекстин же көбөйө же азая турган башка берененин негизинде аныкталган учурда да финансылык инструмент финансылык милдеттенме болуп саналат. Инструментти акча каражаттарына же башка финансылык активге алмашуу менен эмитентке кайтарып берүү укугунун инструменттин ээсинде бар болушу кайра артка сатуу укугу менен инструмент финансылык милдеттенменин аныктамасына туура келерин билдирет (16A жана 16B-пункттарына же 16C жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланууччу инструменттерди кошпогондо). Мисалы, ачык типтеги өз ара фонддор, пайлык фонддор, шериктиктер жана кээ бир кооперативдик ишканалар өздөрүнүн пайчыларына же мүчөлөрүнө өз үлүштөрүн кандай болбосун бир убакта эмитенттен акча каражаттарына сатып алуу укугун бере алат, бул болсо пайчылардын же мүчөлөрдүн үлүштөрүн финансылык милдеттенмелер катары классификациялоого алып келет (16A жана 16B-пункттарына же 16C жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланууччу инструменттерди кошпогондо). Бирок, инструментти финансылык милдеттенме катары классификациялоо,

салынган капитал болбогон ишкананын (мисалы, кээ бир өз ара же пайлык фонддо, 7-көрсөтмөлүү мисалды караңыз) финансылык отчеттуулугунда “пайчыларга тийиштүү таза активдер” жана “пайчыларга тийиштүү таза активдердин суммасын өзгөртүү” деген сыяктуу берене аталыштарын пайдаланууга же алардын мүчөлөрүнүн жыйынды үлүшү капиталдын аныктамасына туура келүүчү капиталдык резервдер жана ага туура келбөөчү, кайра артка сатуу укугу менен инструменттер деген сыяктуу беренелерди камтый турганын көрсөтүүчү кошумча ачып көрсөтүүлөрдү (8-көрсөтмөлүү мисалды кара) пайдаланууга тыюу салбайт.

19 Эгерде ишканада келишимдик милдеттенме боюнча эсептешүүнү жүргүзүү үчүн акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүүдөн баш тартуунун шартсыз укугу болбосо, мындай милдеттенме финансылык милдеттенменин аныктамасына туура келет (16А жана 16В-пункттарына же 16С жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланууучу инструменттерди кошпогондо). Мисалы:

(a) ишкананын келишимдик милдеттенмени аткарууга жөндөмдүүлүгүн чет өлкөлүк валютанын жетимдүү эместиги же жөнгө салуучу органдардан төлөмгө уруксат алуунун зарылдыгы сыяктуу чектөөлөр ишкананы анын келишимдик милдеттенмелерин аткаруудан бошотпойт жана ээсинин ушул инструмент боюнча келишимде шартталган укуктарын токтотпойт;

(b) башка тараптын бүтүм боюнча өзүнүн төлөөгө укугун пайдалана тургандыгына көз каранды болгон келишимдик милдеттенме финансылык милдеттенме болуп саналат, анткени ишкана акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүүдөн баш тартуунун шартсыз укугуна ээ болбойт.

20 Акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүү боюнча келишимдик милдеттенме каралбагандыгы ачык көрүнүп турган финансылык инструмент мындай милдеттенмени мөөнөттөр жана шарттар аркылуу кыйыр түрдө белгилеши мүмкүн. Мисалы:

(a) финансылык инструмент ишкана бөлүштүрүүнү жүзөгө ашыра албаган же инструментти төлөй албаган учурда гана финансылык эмес милдеттенмени карашы мүмкүн. Эгерде ишкана акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүүдөн финансылык эмес милдеттенмени төлөө жолу менен гана баш тарта алса, мындай финансылык инструмент финансылык милдеттенме болуп саналат;

(b) эгерде финансылык инструменттин шарттарында аны төлөгөндө ишкана төмөндөгүлөрдү өткөрүп берсе, финансылык инструмент финансылык милдеттенме болуп саналат:

(i) же акча каражаттарын же башка финансылык активди; же болбосо

(ii) наркы акча каражаттарынын же башка финансылык активдин суммасынан бир кыйла аша турган өзүнүн өздүк акцияларын.

© ФОЭС Фонду

Ишканада акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүүнүн келишимде ачык көрсөтүлгөн милдеттенмеси болбосо да, акциялар менен төлөнүүгө тийиш сумма эсептешүүнү ишкана акча каражаттары менен жүргүзгөндөгүдөй болот. Ээсине кайсы болбосун учурда, минимум катары, негизинен акча каражаттары менен төлөнө турган суммага барабар сумманы алууга кепилдик берилет (21-пунктту караңыз).

**Ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери менен эсептешүү (16(b)-пункту)**

21 Келишим ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерин алууга же өткөрүп берүүгө алып келе турганынан улам гана ал үлүштүк инструмент болуп саналбайт. Ишкананын алууга же өткөрүп берүүгө жатуучу өздүк үлүштүк инструменттеринин адилет наркы келишимде шартталган укуктун же милдеттенменин көлөмүнө барабар болгондой өзгөрүлө турган санда ишкананын өздүк акцияларын же башка үлүштүк инструменттерин алуу же өткөрүп берүү боюнча, келишимде шартталган укук же милдеттенме ишканада болушу мүмкүн. Мында келишимде шартталган укуктун же милдеттенменин көлөмү белгиленген сумма же ишкананын өздүк үлүштүк инструменттеринин рыноктук баасынан башкача болгон өзгөрүлмөнүн (мисалы, пайыздык ставка, биржалык товардын же финансылык инструменттин котировкасы) өзгөрүшүнө жараша толук же бөлүгүндө өзгөрүп турган сумма болушу мүмкүн. Мындай келишимдерге эки мисал: (a) ишкананын 100 а.б-га[1], барабар жалпы наркы бар өздүк үлүштүк инструменттерин берүүгө келишим жана (b) ишкананын алтындын 100 унциясына барабар жалпы наркы бар өздүк үлүштүк инструменттерин берүүгө келишим. Ишкана мындай келишимдеги милдеттенмени өздүк үлүштүк инструменттерин берүү жолу менен төлөөгө тийиш экендигине жана төлөнө тургандыгына да карабастан, мындай келишим финансылык милдеттенме болуп саналат. Ал үлүштүк инструмент болуп саналбайт, анткени ишкана келишим боюнча эсептешүү үчүн өздүк үлүштүк инструменттеринин өзгөрмө санын пайдаланат. Демек, бул келишим ишкананын бардык милдеттенмелерин алып салгандан кийинки анын активдериндеги калдык үлүшкө укукту ырастабайт.

22 22А-пунктунда көрсөтүлгөн келишимди кошпогондо, эсептешүү ишкана тарабынан акча каражаттарынын же башка финансылык активдин бекитилген суммасына алмашуу аркылуу өздүк үлүштүк инструменттердин бекитилген санын өткөрүп берүү (же алуу) жолу менен жүргүзүлө турган келишим үлүштүк инструмент болуп саналат. Мисалы, каршы тарапка бекитилген баада ишкананын акцияларынын бекитилген санын сатып алуу же облигацияларды бекитилген негизги суммага алмаштыруу укугун берген чыгарылган акцияга опцион үлүштүк инструмент болуп саналат. Рыноктук пайыздык ставкалардын өйдө-ылдый болуусунун натыйжасында адилет наркта болуучу, төлөнө же алына турган акча каражаттарынын же башка финансылык активдин суммасына таасир кылбаган өзгөрүүлөр же алына же өткөрүп бериле турган үлүштүк инструменттердин саны келишим боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүүдө келишимди үлүштүк инструмент катары классификациялоого тоскоолдук кылбайт. Бардык алынган ордун толтуруулар (мисалы, чыгарылган опцион үчүн алынган премия же ишкананын өздүк

[1] Ушул стандартта акчалардын суммалары «акча бирдиктеринде (а.б.)» берилген.

© ФОЭС Фонду

акцияларына варрант сыяктуу) капиталга тикелей тийиштүү болот. Төлөнүп берилген ордун толтуруулар (мисалы, сатып алынган опцион үчүн төлөнгөн премия сыяктуу) капиталдан тикелей алып салынат. Үлүштүк инструменттин адилет наркынын өзгөрүүлөрү финансылык отчеттуулукта таанылбайт.

22A Эгерде ишкананын келишимди төлөөдө ишкана тарабынан алына же өткөрүп бериле турган өздүк үлүштүк инструменттери 16A жана 16B-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болгон жана бардык шарттарга туура келген, кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттер же ишкана жоюлганда гана ишкананын таза активдеринин пропорционалдык үлүшүн башка тарапка берүү боюнча милдеттенмени ишканага жүктөөчү, 16C жана 16D-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болгон жана бардык шарттарга туура келген инструменттер болуп саналса, бул келишим финансылык актив же финансылык милдеттенме болуп эсептелет. Эсептешүү ишкана тарабынан акча каражаттарынын же башка финансылык активдин бекитилген суммасына алмашуу аркылуу анын өздүк үлүштүк инструменттерин өткөрүп берүү же алуу жолу менен жүргүзүлө турган келишим да буга кирет.

23 16A жана 16B-пункттарында же 16C жана 16D-пункттарында баяндалган шарттарды кошпогондо, өздүк үлүштүк инструменттерди акчага же башка финансылык активге сатып алууга ишкананын милдеттенмесин камтуучу келишим төлөөнүн келтирилген наркына (мисалы, РЕПО форварддык келишиминин аткаруу баасынын, опциондун аткаруу баасынын же төлөөнүн башка суммасынын келтирилген наркына) барабар финансылык милдеттенменин келип чыгышына алып келет. Келишимдин өзү үлүштүк инструмент болуп саналган учурда да бул адилеттүү болот. Бир мисал – форварддык келишимге ылайык өздүк үлүштүк инструменттерди акча каражаттарына же башка финансылык активге сатып алууга ишкананын милдеттенмеси. Финансылык милдеттенме адегенде төлөө суммасынын келтирилген наркы боюнча таанылат жана капиталдын курамынан кайра классификацияланат. Андан кийин финансылык милдеттенме ФОЭС (IFRS) 9га ылайык бааланат. Эгерде келишимдин аткарылуу мөөнөтү аткаруусуз бүтүп калса, финансылык милдеттенменин балanstык наркы капиталдын курамына кайра классификацияланат. Өздүк үлүштүк инструменттерди сатып алууга ишкананын келишимдик милдеттенмеси, сатып алууга милдеттенме башка тараптын өзүнүн төлөөнү талап кылуу укугун жүзөгө ашыруусуна көз каранды болсо да, төлөөнүн келтирилген суммасы боюнча финансылык милдеттенменин (мисалы, башка тарапка анын өздүк үлүштүк инструменттерин бекитилген баа боюнча ишканага сатуу укугун берүүчү, сатууга чыгарылган опцион) келип чыгышына алып келет.

24 Эсептешүү ишкана тарабынан акча каражаттарынын же башка финансылык активдин өзгөрмө суммасына алмашуу аркылуу өздүк үлүштүк инструменттердин бекитилген санын өткөрүп берүү же алуу жолу менен жүргүзүлө турган келишим финансылык актив же финансылык милдетенме болуп саналат. Мындай келишимге мисал катары ишкана алтындын 100 унциясынын наркына барабар акча каражаттарына алмашуу аркылуу 100 өздүк үлүштүк инструменттерин өткөрүп бере турган келишимди алууга болот.

**Белгилүү бир шарттарда эсептешүүлөрдү жүргүзүү тууралуу келишимдин жоболору**

25 Финансылык инструмент келип чыгуусу анык эмес болгон (же жыйынтыгы анык эмес болуп саналган жагдайларга жараша болгон), эмитент да, инструменттин кармоочусу да көзөмөлдөй албай турган, мисалы, фонддук индекстин, керектөө бааларынын индексинин, пайыздык ставканын, салык мыйзамдарындагы талаптардын, эмитентке келечекте түшө турган каражаттын, таза пайданын же эмитенттин милдеттенмелеринин капиталга карата катышынын өзгөрүүлөрү сыяктуу келечектеги окуялар болгон же болбой калган учурда ишкана тарабынан акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүүнү же милдеттенмени финансылык милдеттенмелерге мүнөздүү башка ыкма менен төлөөнү карашы мүмкүн. Эмитентте мындай инструмент жок, акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүүдөн (же милдеттенмени финансылык милдеттенмелерге мүнөздүү башка ыкма менен төлөөдөн) баш тартууга шартсыз укук жок. Демек, бул инструмент, төмөнкүдөй учурларды кошпогондо, эмитенттин финансылык милдеттенмеси болуп саналат:

(a) келишимдин белгилүү бир шарттарда эсептешүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө жоболорунун бөлүгү, атап айтканда милдеттенмени акча каражаттары же башка финансылык актив менен төлөө (же аны финансылык милдеттенмелерге мүнөздүү башка ыкма менен төлөө) талап кылынышы мүмкүн болгон бөлүгү уникалдуу болуп саналбайт;

(b) мындай инструменттин эмитентинен эмитент жоюлган учурда гана милдеттенмени акча каражаттары же башка финансылык актив менен төлөө (аны финансылык милдеттенмелерге мүнөздүү башка ыкма менен төлөө) талап кылынышы мүмкүн; же

(c) инструмент 16А жана 16В-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ болот жана бардык шарттарды канааттандырат.

**Эсептешүүлөрдүн варианттары**

**26 Эгерде туунду финансылык инструмент тараптардын бирине ал боюнча эсептешүү кандай жүргүзүлөрүн тандоо укугун (мисалы, эмитент же ээси акча каражаттары менен нетто-эсептешүүнү тандай алат же акцияларды акча каражаттарына алмаштыруу жолу менен) берсе, анда эсептешүүлөрдүн бардык варианттары финансылык инструментти үлүштүк инструмент катары классификациялоого алып келген учурларды кошпогондо, ал финансылык актив же финансылык милдеттенме болуп саналат.**

27 Акцияга опцион финансылык милдеттенме болуп саналган эсептешүүлөрдүн варианттары менен туунду финансылык инструменттин мисалы болот, ал боюнча нетто-эсептешүү эмитенттин тандоосуна жараша акча каражаттары же өздүк акцияларын акча каражаттарына алмаштыруу жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Ушуга окшош түрдө ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерине алмашууга финансылык эмес объектилерин сатып алууга же сатууга айрым келишимдер ушул

стандарттын колдонуу чөйрөсүнө кирет, анткени алар боюнча эсептешүү финансылык эмес активди берүү жолу менен же акча каражаттары менен нетто-эсептешүү жолу менен же башка финансылык инструменттер менен жүргүзүлүшү мүмкүн (8 - 10-пункттарды караңыз). Мындай келишимдер үлүштүк инструменттер эмес, финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер болуп саналат.

## Татаал финансылык инструменттер (ошондой эле AG30 - AG35-пункттарын жана 9 – 12- көрсөтмөлүү мисалдарын караңыз)

28 Туунду эмес финансылык инструменттин эмитенти ал милдеттенмелердин компененти сыяктуу эле капиталдын компонентин да камтыганын аныктоо үчүн финансылык инструменттин шарттарын талдоого тийиш. Мындай компоненттер 15-пунктка ылайык финансылык милдеттенмелер, финансылык активдер же үлүштүк инструменттер катары өзүнчө классификацияланууга тийиш.

29 Ишкана ишкананын финансылык милдеттенмелерин түзгөн (a) финансылык инструменттердин компоненттерин өзүнчө тааныйт жана (b) инструменттин ээсине аны ишкананын үлүштүк инструментине конвертациялоону өзү чечүү мүмкүнчүлүгүн берет. Мисалы, ээси тарабынан ишкананын жөнөкөй акцияларынын белгиленген санына конвертацияланышы мүмкүн болгон облигация же жыйынды инструмент, - бул татаал финансылык инструмент. Ишкананын көз карашында мындай инструмент эки компоненттен: финансылык милдеттенмеден (акча каражаттарын же башка финансылык активдерди берүүгө келишимдик макулдашуудан) жана үлүштүк милдеттенмеден (ээси сүйлөшүлгөн мезгилдин убагынын ичинде аны ишкананын жөнөкөй акцияларынын белгиленген санына конвертациялоого укук берген сатып алууга опциондон) турат. Мындай инструментти чыгаруу практика жүзүндө, мөөнөтүнө чейин төлөө мүмкүндүгү бар үлүштүк инструментти жана жөнөкөй акцияларды сатып алууга варранттарды бир убакытта чыгаруу жана акцияларды сатып алууга карата бөлүнүүчү варранты бар үлүштүк инструментти чыгаруу сыяктуу экономикалык натыйжа берет. Ошондуктан ишкана финансылык абал жөнүндө отчетто милдеттенменин жана капиталдын компонентин дайыма өзүнчө көрсөтөт.

30 Конвертациялануучу инструменттин милдеттенмесинин жана өздүк капиталынын компоненттерин бөлүү, бул мүмкүнчүлүктү ишке ашыруу инструменттин айрым ээлери үчүн экономикалык жактын пайдалуу болуп көрүнүшү мүмкүн болгон учурда да конвертациялоо мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруу мүмкүндүгүнүн өзгөрүшүнөн улам кайра каралбайт. Ээлери дайыма эле күтүлгөн түрдө милдеттүү аракеттенбейт, анткени, мисалга алсак, мындай конвертациялоонун салыктык натыйжалары ар башка ээлери үчүн ар кандай болушу мүмкүн. Андан тышкары, конвертациялоонун ыктымалдыгы анда-санда өзгөрүлүшү мүмкүн. Ишкананын келечекте төлөмдөрдү жүргүзүү келишимдик милдеттенмеси аны конвертациялоо болмоюнча, инструментти төлөө мөөнөтү келмейинче же кандайдыр бир башка операция жүзөгө ашырылмайынча төлөнбөгөн бойдон кала берет.

31 ФОЭС (IFRS) 9 финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди баалоону карайт. Үлүштүк инструменттер – бул анын бардык калган

© ФОЭС Фонду

милдеттенмелерин алып салгандан кийин ишкананын активдериндеги калдык үлүшкө укукту ырастоочу инструменттер. Ошондуктан, эгерде татаал финансылык инструменттин баштапкы баланстык наркы анын милдеттенмесинин жана өздүк капиталынын компоненттерине таандык болсо, анда өздүк капиталдын компонентине адилет нарктан милдеттенменин компонентинин өзүнчө аныкталган суммасын алып салгандан кийин калган сумма таандык болот. Өздүк капиталдын компонентине караганда башка, татаал финансылык инструментке камтылган (мисалы, үлүштүк инструментке конвертациялоо мүмкүндүгү) туунду инструменттин кандай гана болбосун мүнөздөмөлөрүнүн наркы (сатып алууга опцион сыяктуу) милдеттенмеге киргизилет. Баштапкы таанууда милдеттенмеге жана өздүк капиталга таандык баланстык нарктардын суммасы дайыма негизинен инструментке таандык болгон адилет наркка теңдештирилет. Инструменттин компоненттерин баштапкы өзүнчө таануу пайданын же зыяндын келип чыгышына алып келбейт.

32 31-пунктта сыпатталган ыкманы пайдалануу менен жөнөкөй акцияларга конвертациялануучу облигациялардын эмитенти адегенде тиешелүү үлүштүк компонентти камтыбаган окшош милдеттенменин (үлүштүктөрдөн тышкары, бардык камтылган туунду мүнөздөмөлөрүн кошо алганда) адилет наркын баалоо жолу менен милдеттенменин компонентинин баланстык наркын аныктайт. Инструментти жөнөкөй акцияга конвертациялоого опцион түрүндөгү үлүштүк инструменттин баланстык наркы кийин негизинен татаал финансылык инструменттин адилет наркынан финансылык милдеттенменин адилет наркын алып салуу жолу менен аныкталышы мүмкүн.

### Акционерлерден сатып алынган өздүк акциялар (ошондой эле AG36-пунктту караңыз)

**33 Эгерде ишкана өздүк үлүштүк инструменттерди сатып алса, анда бул инструменттер («акционерлерден сатып алынган өздүк акциялар») өздүк капиталдан алынып салынууга тийиш. Пайданын же зыяндын курамында ишкананын өздүк үлүштүк инструменттерин сатып алууда, сатууда, чыгарууда же жоюуда келип чыккан эч кандай кирешелер же зыяндар таанылууга тийиш эмес. Акционерлерден сатып алынган мындай өздүк акциялар бириктирилген отчеттуулукту берген ишкананын өзү же топтун башка мүчөлөрү тарабынан сатып алынышы же кармап турулушу мүмкүн. Төлөнүп берилүүчү же алынуучу ордун толтуруу өздүк капиталда тикелей таанылууга тийиш.**

33A *[Бул абзац али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө таандык, жана ошондуктан ушул басылмага киргизилген жок.]*

34 Акционерлерден сатып алынган өздүк акциялардын суммасы финансылык абал жөнүндө отчеттун өзүндө же *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1 ылайык эскертүүлөрдө өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш. Эгерде ишкана өз үлүштүк инструменттерин байланыштуу тараптардан сатып алып жатса, ишкана

маалыматты *«Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 24кө ылайык ачып көрсөтөт.

**Пайыздар, дивиденддер, зыяндар жана пайдалар (ошондой эле AG37-пунктту караңыз)**

35 **Финансылык милдеттенме катары классификацияланган, финансылык инструментке же анын компонентине таандык пайыздар, дивиденддер, зыяндар жана пайдалар пайдалардын жана зыяндардын эсебинде чыгашалар же кирешелер катары таанылууга тийиш. Үлүштүк инструменттердин ээлери тарабынан бөлүштүрүлүүчү каражаттар ишкана тарабынан түздөн-түз өздүк капиталдын курамында таанылууга тийиш. Өздүк капитал менен болгон операцияга байланышкан операциялык чыгымдар өздүк капиталдын азайышына таандык болууга тийиш.**

35A Үлүштүк инструменттин кармоочулары тарабынан бөлүштүрүлүүчү каражаттарга жана өздүк капитал менен болгон операцияга байланышкан операциялык чыгымдарга таандык пайда салыгы, *«Пайда салыгы»* ФОЭС (IAS) 12ге ылайык эске алынууга тийиш.

36 Финансылык инструментти финансылык милдеттенме же үлүштүк инструмент катары классификациялоо пайданын же зыяндын курамында чыгашалар же кирешелер катары таанылган, ушул инструмент менен байланышкан пайыздардын, дивиденддердин, зыяндардын жана башка кирешелердин болорун аныктайт. Ошентип, толугу менен милдеттенме катары таанылган акциялар боюнча дивиденддерди төлөө облигациялар боюнча пайыздарга окшош чыгашалар катары классификацияланат. Дал ушундай эле финансылык милдеттенмелерди төлөө же кайра каржылоо менен байланышкан кирешелер жана зыяндар, үлүштүк инструменттерди төлөө же кайра каржылоо отчеттуулукта өздүк капиталдын курамында өзгөртүү катары берилип жаткан убакта, пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчетто таанылат. Үлүштүк инструменттин адилет наркын өзгөртүү финансылык отчеттуулукта таанылбайт.

37 Ишкана жеке үлүштүк инструменттерин чыгарууда же сатып алууда дайыма ар кандай чыгымдарды тартат. Ушундай чыгымдардын курамына каттоо боюнча жана башка милдеттүү жыйымдар, юристтерге, аудиторлорго жана башка кесипкөй консультанттарга төлөнүүчү сыйакылар, ошондой эле мөөргө жана гербдик жыйымдарга кеткен чыгашалар кириши мүмкүн. Өздүк капитал менен болгон операцияга байланышкан операциялык чыгымдарды алар өздүк капитал менен операцияга тикелей таандык кошумча чыгымдар болуп саналган жана алардан баш тартуу мүмкүн боло турган башка учурда өздүк капиталды азайтууга киргизүү керек. Өздүк капитал менен болгон ишке ашпаган операцияга байланышкан чыгымдар чыгаша катары таанылат.

38 Татаал инструментти чыгаруу менен байланышкан операциялык чыгымдар келип түшүүлөргө жараша милдеттенменин жана капиталдын компоненттерине пропорционалдуу бөлүштүрүлөт. Эки же андан көп операцияларды жүзөгө ашыруу менен байланышкан операциялык чыгымдар (мисалы, фондулук биржада башка

© ФОЭС Фонду

акцияларды чыгаруунун листинги боюнча жол-жоболорду жүзөгө ашыруу менен бир убакта акцияларды чыгарууну жүргүзүүдө), ушул операциялардын ортосунда акылга сыярлык негизде бөлүштүрүлөт, ал ушуга окшош операцияларды жүзөгө ашырууда ырааттуу колдонулууга тийиш.

39 Мезгил ичиндеги өздүк капиталды азайтууга таандык операциялык чыгымдардын суммасы ФОЭС (IAS) 1ге ылайык өзүнчө ачып көрсөтүлөт.

40 Чыгаша катары классификацияланган дивиденддер пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо) башка милдеттенмелер боюнча пайыздар менен, же болбосо өзүнчө берене менен берилет. Пайыздар жана дивиденддер жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө ушул стандарттын талаптарына карата толуктоо ФОЭС (IAS) 1дин жана ФОЭС (IFRS) 7нин талаптарына да жайылтылат. Мындай маселерге карата пайыздардын жана дивиденддердин ортосундагы айырмачылыктардын бир катар учурларында, салыктык чегерүү мүмкүнчүлүгү катары пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо) аларды өзүнчө ачып көрсөтүү жакшы болор эле. Салыктык натыйжалар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү ФОЭС (IAS) 12ге ылайык жүргүзүлөт.

41 Финансылык милдеттенменин балanстык наркынын өзгөрүүлөрүнө таандык кирешелер жана зыяндар, эгер алар ал тургай акча каражаттарына же башка финансылык активдерге алмаштырууга ишкананын активдеринде катышуунун калдык үлүшүнө укукту камтыган инструменттерге таандык болсо да пайданын же зыяндын курамында киреше же чыгаша катары таанылат (18(b)-пунктун караңыз). ФОЭС (IAS) 1ге ылайык ишкана мындай инструментти кошумча баалоонун натыйжасында келип чыккан кирешени жана зыянды, ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун түшүндүрүү үчүн мындай көрсөтүү жөндүү болгондо жыйынды киреше жөнүндө отчеттун өзүндө өзүнчө көрсөтүүгө тийиш.

## Финансылык активди жана финансылык милдеттенмени өз ара чегерүү (ошондой эле AG38 жана AG39-пункттарды караңыз)

**42 Финансылык актив жана финансылык милдеттенме чегерилүүгө тийиш, ал эми финансылык абал жөнүндө отчетто ишкана төмөнкүлөргө ээ болгондо гана таза сумма чагылдырылууга тийиш:**

**(a) таанылган суммаларды чегерүүнү жүзөгө ашырууга үстүдөгү учурга юридикалык бекемделген укугу бар; жана**

**(b) нетто-негизде эсептешүү жүргүзүүгө же бир убакта милдеттенмени аткарууга ниеттенген.**

**Таанууну токтотуунун критерийлерин канаттандырбаган финансылык активди өткөрүп берүүнү эсепке алууда ишкана өткөрүп берилген активди жана тиешелүү милдеттенмени өз ара чегерүү жүргүзүүгө тийиш эмес (ФОЭС (IFRS) 9дун 3.2.22-пунктун караңыз).**

43 Ушул стандарт - бул эки же андан көп өзүнчө финансылык инструменттер боюнча эсептешүүлөрдөн ишкана акча каражаттарынын келечекте күтүлгөн агымдарын

чагылдырган учурда, финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин отчеттулугун нетто-негизде берүүнү талап кылат. Ишканада нетто-сумманы алууга же төлөп берүүгө укугу жана ниети болгондо, негизинен ал бир финансылык активге же бир финансылык милдеттенмеге гана ээ болот. Башка учурларда финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер ишкананын ресурстары же милдеттенмелери катары алардын мүнөздөмөлөрүнө ылайык бири биринен өзүнчө берилет. Ишкана ФОЭС (IFRS) 7нин 13А-пунктунун колдонуу чөйрөсүнө кирген таанылган финансылык инструменттер үчүн ФОЭС (IFRS) 7нин 13В - 13Е-пункттары менен талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

44 Таанылган финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди өз ара чегерүү жана алардын таза суммасын отчеттуулукта көрсөтүү финансылык милдеттенмелерди же активди таанууну токтотуудан айырмаланат. Ал өз ара чегерүү катары пайданы же зыянды таанууга алып келбейт, финансылык инструментти таанууну токтотуу мурда таанылган беренени финансылык абал жөнүндө отчеттон алып салууга гана алып келбестен, ошондой эле пайданы же зыянды таанууга алып келиши мүмкүн.

45 Талаптарды чегерүүгө укук – кредитордон алууга тиешелүү анын суммасына каршы чегерүү жолу менен, кредиторго тиешелүү сумманын баарын же бөлүгүн төлөө же жокко чыгаруу келишимде же башка түрдө белгиленген зайым алуучунун мыйзамдуу укугу. Өзгөчө жагдайлар келип чыккан учурда, зайым алуучу үчүнчү тараптардын ортосунда талаптарды чегерүүгө зайым алуучунун укугун так белгилеген макулдашуу болгон шартта, кредиторго тиешелүү суммага каршы үчүнчү тараптан алууга тиешелүү сумманы пайдалануунун мыйзамдуу укугуна ээ боло алат. Чегерүүгө укук – юридикалык укук, ушул укук жүзөгө ашырылган шарт юридикциясына жараша айырмаланышы мүмкүн, ошондуктан тараптардын ортосундагы мамилелерге карата колдонулуучу мыйзамдарды эске алуу зарыл.

46 Финансылык активди жана финансылык милдеттенмени өз ара чегерүүгө юридикалык жактан бекитилген укуктун болушу финансылык актив жана финансылык милдеттенме менен байланышкан укукка жана милдеттенмеге таасир көрсөтөт жана ишкананын кредиттик тобокелдикке жана ликвиддүүлүктүн тобокелдигине дуушар болушуна таасир көрсөтө алат. Бирок мындай укуктун болушунун өзү чегерүү үчүн жетиштүү негиздерди бере албайт. Бул укукту ишке ашырууга же көлөмдүн бир убакта эсептешүүсүн жүргүзүүгө ниеттенүүнүн болбошу жана акча каражаттарынын келечектеги агымдарын убакыт боюнча бөлүштүрүү өзгөрүүсүз калат. Ишкана өз укугун ишке ашырууга же бир убакта эсептешүүнү жүргүзүүгө ниеттенген учурда, нетто-негизде активди жана милдеттенмени көрсөтүү акча каражаттарынын келечектеги күтүлүүчү көлөмүн жана убакыт боюнча бөлүштүрүүнү, ошондой эле алар боюнча бул агымдар дуушар болгон тобокелдиктерди мыкты чагылдырат. Бир же эки тараптын тиешелүү мыйзамдуу укугусуз нетто-негизде эсептешүү жүргүзүүгө ниеттениши эсептешүү үчүн жетиштүү негиздеме болуп саналбайт, анткени айрым финансылык актив жана финансылык милдеттенме менен байланышкан укук жана милдеттенме өзгөрүүсүз калат.

47 Ишкананын белгилүү бир активдер жана милдеттенмелер боюнча эсептешүүгө карата ниетине анын чарбалык ишмердүүлүгүнүн демейдеги тажырыйбасы, финансылык рыноктун жана башка жагдайлардын талаптары таасир көрсөтө алат, алар нетто-эсептешүүлөрдү жүргүзүү жана бир убакта эсептешүүнү жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн чектей алат. Эгерде ишкана чегерүүгө укугу бар болсо, бирок нетто-эсептешүүнү жүргүзүүгө да, активди ишке ашырууга жана бир убакта милдеттенмени аткарууга да ниеттенбесе, анда ишкана дуушар болгон кредиттик тобокелдиктерге бул укуктун таасири ФОЭС (IFRS) 7нин 36-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлөт.

48 Эки финансылык инструмент боюнча бир убакта эсептешүү, мисалы, финансылык рынокто уюштурулган клирингдик палата аркылуу же бүтүмдүн катышуучуларынын ортосундагы тикелей алмашууда жүргүзүлүшү мүмкүн. Бул шарттарда акча каражаттарынын агымдары маңызы боюнча бир таза суммага эквиваленттүү, ал эми кредиттик тобокелдикке же ликвиддүүлүк тобокелдигине дуушар болуу жок. Башка учурларда ишкана активдин бардык суммасына кредиттик тобокелдикке же милдеттенменин бардык суммасына ликвиддүүлүк тобокелдигине дуушар болуу менен, кээ бир суммаларды алуу жана төлөп берүү жолу менен эки инструмент боюнча эсептешүү жүргүзө алат. Мындай тобокелдиктер узак болбогону менен маанилүү болушу мүмкүн. Тиешелүү түрдө, финансылык активди сатуу жана финансылык милдеттенмени төлөө операция бир эле учурда жүргүзүлгөндө гана бир убакта болуп эсептелет.

49 42-пунктта саналып өткөн шарттар канаттандырылбайт жана өз ара чегерүү демейде орундуу эмес, качан:

(a) бир финансылык инструментти калыбына келтирүү үчүн бир нече ар түрдүү финансылык инструмент («синтетикалык инструмент») пайдаланылганда;

(b) аларда баштапкы тобокелдиктери бирдей финансылык инструменттерден финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер келип чыкканда (мисалы, форварддык келишимдердин жана башка туунду инструменттердин портфелине кирген активдер жана милдеттенмелер), бирок ар түрдүү каршы тараптар менен байланышканда;

(c) регресс укугусуз финансылык милдеттенмени камсыз кылуу катары салынган финансылык же башка активдер;

(d) милдеттенмени аткаруу максатында зайым алуучу тарабынан ишенимдүү башкарууга өткөрүлүп берилген финансылык активдер, мында бул активдер кредитор тарабынан милдеттенмени төлөө эсебине кабыл алынган эмес (төлөө фондун уюштуруу тууралуу макулдашуу); же

(e) зыяндардын пайда болушуна алып келген, окуялардын натыйжасында келип чыккан милдеттенме камсыздандыруу келишими боюнча доонун негизинде үчүнчү тарап тарабынан болжол менен орду толтурулууга тийиш.

50 Финансылык инструменттер менен, бир контрагент менен бир нече операцияларды жүзөгө ашырган ишкана бул тарап менен «өз ара чегерүү жөнүндө башкы

© ФОЭС Фонду

макулдашуу» түзө алат. Мындай макулдашуу кандай гана болбосун өзүнчө келишимди аткарбаган же токтоткон учурда, бул макулдашууга киргизилген бардык финансылык инструменттер боюнча бирдиктүү нетто-эсептешүүнү жүргүзүүнү карайт. Алардын күнөөсү боюнча каршы тарап өзүнүн милдеттенмесин аткара албаган, банкроттук же башка милдеттенмелер келип чыккан учурда зыяндарга каршы коргонуу үчүн көбүнчө финансылык институттар тарабынан пайдаланылат. Өз ара чегерүү жөнүндө башкы макулдашуу эреже катары талаптарды чегерүүгө укукту түзөт, ал юридикалык бекемделген болуп калат жана милдеттенмелерди аткарбоого алып келген белгиленген окуя келип чыккан учурда гана, же демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө алардын келип чыгышы күтүлбөгөн башка жагдайларда айрым финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди ишке ашырууга таасир көрсөтөт. Өз ара чегерүү жөнүндө башкы макулдашуу 42-пунктта көрсөтүлгөн эки критерий тең сакталган учурларды кошпогондо, өз ара чегерүүнү жүзөгө ашыруу үчүн негиздерди түзбөйт. Өз ара чегерүү жөнүндө башкы макулдашууга кирген финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди өз ара чегерүү жүргүзүлбөгөн учурларда, бул макулдашуунун кесепеттери ишкананын кредиттик тобокелдикке дуушар болушунун көз карашында ФОЭС (IFRS) 7нин 36-пунктуна ылайык ачып көрсөтүлөт.

51–95 [Алып салынган]

## Стандарттардын күчүнө кирүү жана колдонулууга өтүү күнү

96 Ишкана 2005-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата ушул стандартты колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Ишкана 2004-жылдын мартында чыгарылган түзөтүүлөрдү кошуп алганда, ал ошондой эле ФОЭС (IAS) 39 (2003-жылдын декабрында чыгарылган) колдонулган учурларды кошпогондо, 2005-жылдын январына чейин башталган жылдык мезгилдер үчүн ушул стандартты колдонбоого тийиш. Эгерде ишкана ушул стандартты 2005-жылдын 1-январына чейин башталган мезгилге карата колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

96A 2008-жылдын февралында чыгарылган *«Кайра артка сатуу укугу менен инструменттер жана жоюуда келип чыккан милдеттенмелер»* басылмасы (ФОЭС (IAS) 32ге жана ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) бардык мүнөздөмөлөрдү камтыган жана 16A жана 16B же 16C жана 16D-пункттарында каралган шарттарды канааттандырган финансылык инструменттерди классификациялоону талап кылды, үлүштүк инструменттер катары 11, 16, 17 - 19, 22, 23, 25, AG13, AG14 жана AG27-пункттарына түзөтүүлөрдү жана 16A - 16F, 22A, 96B, 96C, 97C, AG14A - AG14J жана AG29A-пункттарына толуктоолорду киргизүүгө алып келди. Ишкана 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгилге карата көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө жана бир убакта ФОЭС

© ФОЭС Фонду

(IAS) 1ге, ФОЭС (IAS) 39га, ФОЭС (IFRS) 7ге жана ЭФОТК (IFRIC) 2ге тиешелүү түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

96B *«Кайра артка сатуу укугу менен инструменттер жана жоюуда келип чыккан милдеттенмелер»* басылмасы чектелген колдонуу өзгөчө учурун киргизди; ошондуктан, ишкана аналогиясы боюнча өзгөчө учурду колдонууга тийиш эмес.

96C Ушул өзгөчө учурга байланыштуу инструменттерди классификациялоо ФОЭС (IAS) 1ге, ФОЭС (IAS) 32ге, ФОЭС (IAS) 39га, ФОЭС (IFRS) 7ге жана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык мындай инструменттерди эсепке алуу алкактары менен чектелет. Башка документтерге ылайык инструмент үлүштүк инструмент катары каралууга тийиш эмес, мисалы, ФОЭС (IFRS) 2ге.

97 Ушул стандарт ретроспективдүү колдонулууга тийиш.

97A ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарында пайдаланылуучу терминологияга түзөтүүлөрдү киргизди. Мындан тышкары, ал 40-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-жылы кайра каралган) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, анда көрсөтүлгөн түзөтүүлөр мындай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

97B *«Бизнести бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3 (2008-жылы кайра каралган) 4(c)-пунктун алып салды. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгилге карата ФОЭС (IFRS) 3тү (2008-жылы кайра каралган) колдонсо, анда көрсөтүлгөн түзөтүүлөр мындай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш. Бирок түзөтүү аны сатып алуу күнү ФОЭС (IFRS) 3тү (2008-жылы кайра каралган) колдонуудан мурда болгон бизнести бириктирүүнүн натыйжасында келип чыккан шарттуу ордун толтурууга карата колдонулбайт. Мунун ордуна ишкана ФОЭС (IFRS) 3түн (2010-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) 65A – 65E-пункттарына ылайык мындай ордун толтурууну эске алууга тийиш.

97C 96A-пунктунда сыпатталган түзөтүүлөрдү колдонууда ишкана айрым карыздык компоненттерге жана капиталдын компоненттерине жоюуда гана ишканананын таза активдеринин пропорционалдуу үлүшүн башка тарапка берүү боюнча милдеттенмеси менен татаал финансылык инструментти бөлүштүрүүгө тийиш. Карыздык компонентти төлөөдө көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү ФОЭС (IAS) 32ге карата ретроспективдүү колдонуу капиталды эки компонентке бөлүүнү камтыйт. Биринчи копонент бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамында болот жана карыздык компонентке карата эске алынган топтолуучу пайызды өзүнө камтыйт. Экинчи компонент баштапкы капиталдын компонентин камтыйт. Ошондуктан, эгерде карыз компоненти ушул түзөтүүлөрдү колдонуу күнүнө төлөнсө, ишканага бул эки компонентти бөлүү зарылчылыгы жок. Башка компонент баштапкы капиталдын компонентин берет.

97D 2008-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы 4-пунктка түзөтүүлөрдү киргизүүгө алып келди. Ишкана 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгилге карата көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө жана ушул алда канча эрте мезгилге карата 2008-жылдын майында жарыяланган ФОЭС (IFRS) 7нин 3-пунктундагы, ФОЭС (IAS) 28дин 1-пунктундагы жана ФОЭС (IAS) 31дин 1-пунктундагы түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш. Ишканага түзөтүүнү перспективдүү негизде колдонууга уруксат берилет.

97E 11 жана 16-пункттарда 2009-жылдын октябрында чыгарылган *«Укуктарды жарыялоо классификациясы»* бөлүгүндө түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана 2010-жылдын 1-февралына же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата бул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгилге карата көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

97F [Алып салынган]

97G 2010-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы менен 97B-пунктуна түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана 2010-жылдын 1-июлунан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата бул түзөтүүнү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет.

97H [Алып салынды]

97I 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 10 жана *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11 тарабынан 4(a) жана AG29-пункттарына түзөтүүлөр киргизилди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 10ду жана ФОЭС (IFRS) 11ди колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

97J 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 13 11-пункттагы адилет нарктын аныктамасына түзөтүүлөрдү, ошондой эле 23 жана AG31-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 13тү колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

97K 2011-жылдын июнунда чыгарылган *«Башка жыйынды кирешелердин беренелерин көрсөтүү»* документи (ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) 40-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана 2011-жылдын июнунда киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен ФОЭС (IAS) 1дин колдонуудагы редакциясын колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

97L 2011-жылдын декабрында чыгарылган *«Финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди өз ара чегерүү»* (ФОЭС (IAS) 32ге карата түзөтүүлөр) документинин алкагында ушул стандартта AG38-пункт алып салынган жана AG38A - AG38F-пункттары кошумчаланган. Ишкана 2014-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ретроспективдүү

колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдонсо, ал бул фактыны, ошондой эле 2011-жылдын декабрында чыгарылган *«Маалыматты ачып көрсөтүү - Финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди өз ара чегерүү»* (ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөр) документи менен талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

97M 2011-жылдын декабрында чыгарылган *«Маалыматты ачып көрсөтүү - Финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди өз ара чегерүү»* (ФОЭС (IFRS) 7ге түзөтүүлөр), ФОЭС (IFRS) 7нин 13А-пунктунун колдонуу чөйрөсүнө кирген таанылган финансылык активдерге карата ФОЭС (IFRS) 7нин 13В – 13Е-пункттарында талап кылынган маалыматты ачып көрсөтүүнү ишканадан талап кылып, 43-пунктка түзөтүү киргизди. Ишкана 2013-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер жана бул жылдык мезгилдердеги аралык мезгилдер үчүн ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш. Ишкана ушул түзөтүүлөр менен талап кылынган маалыматты ретроспективдүү ачып көрсөтүүгө тийиш.

97N 2012-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2009–2011-жылдар аралыгы»* менен 35, 37 жана 39-пункттарга түзөтүүлөр киргизилген жана 35А-пункту кошулган. Ишкана *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ушул түзөтүүлөрдү 2013-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн ушул түзөтүүлөрдү ретроспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгил үчүн ушул түзөтүүлөрдү колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

97O 2012-жылдын октябрында чыгарылган *«Инвестициялык ишканалар»* (ФОЭС (IFRS) 10го, ФОЭС (IFRS) 12ге жана ФОЭС (IAS) 27ге түзөтүүлөр) менен 4-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана 2014-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн ушул түзөтүүнү колдонууга тийиш. Инвестициялык ишканалардын мөөнөтүнөн мурда колдонуусуна уруксат берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүнү эрте колдонсо, ал ошондой эле «Инвестициялык ишканаларга» киргизилген бардык түзөтүүлөрдү бир убакта колдонууга тийиш.

97P [Алып салынды]

97Q 2014-жылдын майында чыгарылган *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15 AG21-пунктуна түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 15ти колдонууда бул түзөтүүнү колдонууга тийиш.

97R 2014-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 менен 3, 4, 8, 12, 23, 31, 42, 96С, AG2 жана AG30-пункттарына түзөтүүлөр киргизилди жана 97F, 97H жана 97P-пункттары алып салынды. Ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонууда бул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

© ФОЭС Фонду

97S 2016-жылдын январында чыгарылган *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16 тарабынан AG9 жана AG10-пункттарына түзөтүүлөр киргизилди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 16ны колдонууда бул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

97T *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө таандык, жана ошондуктан бул басылмага киргизилген жок.]*

## Башка документтердин колдонулушун токтотуу

98 Ушул стандарт 2000-жылы кайра каралган *«Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү жана берүү»* ФОЭС (IAS) 32ни алмаштырат.[2]

99 Ушул стандарт төмөнкү түшүндүрмөлөрдү алмаштырат:

(a) *«Финансылык инструменттердин классификациясы – Белгилүү бир шарттарда эсептешүүлөрдү жүргүзүү тууралуу келишимдин жоболору»* ТТК (SIC) – 5ти;

(b) *«Акционердик капитал – кайра сатып алынган өздүк үлүштүк инструменттер (кайра сатып алынган өздүк акциялар)»* ТТК (SIC) – 16ны; жана

(c) *«Өздүк капитал – өздүк капитал менен болгон операцияга чыгымдар»* ТТК (SIC) – 17ни.

100 Ушул стандарт *«Финансылык инструменттер – ээси тарабынан сатып алынуучу инструменттер же укуктар»* ТТК (SIC) - D34 түшүндүрмөсүнүн алдын ала вариантынын колдонулушун токтотот.

---

2 2005-жылдын августунда ФОЭС боюнча кеңеш финансылык инструменттерге тиешелүү бардык ачып көрсөтүүлөрдү «*Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IFRS) 7ге көчүргөн.

© ФОЭС Фонду

# Тиркеме
# Пайдалануу боюнча колдонмо
# «Финансылык инструменттер: маалымат берүү» ФОЭС (IAS) 32

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

AG1 Пайдалануу боюнча бул колдонмо ушул стандарттын белгилүү бир жоболорунун колдонулушун түшүндүрөт.

AG2 Стандарт финансылык инструменттерди таануу же баалоо жол-жоболорун жөнгө салбайт. Финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди таануу жана балоо талаптары ФОЭС (IFRS) 9да баяндалган.

## Аныктамалар (11 – 14-пункттар)

### Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер

AG3 Валюта (акча каражаты) – бул финансылык актив, ал алмашуу каражатын карагандыктан жана финансылык отчеттуулукта алар боюнча бардык операциялар бааланган жана таанылган негиз болуп саналат. Банктагы же ушуга окшош финансылык мекемедеги акча депозити финансылык актив болуп саналат, анткени ал аманатчынын бул мекемеден акча алууга же чек жаздырууга келишимдик укугун көздөйт же финансылык милдеттенме боюнча төлөөдө кредитордун пайдасына эсептеги калдыкка ушуга окшош инструмент болуп саналат.

AG4 Келечекте акча каражаттарынын келишими боюнча талап кылуу укугун берүүчү финансылык активдердин, ошондой эле келечекте акча каражаттарын өткөрүп берүү келишими боюнча милдеттенмелерди көздөгөн тиешелүү финансылык милдеттенмелердин кеңири тараган мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) соода операциялары боюнча дебитордук жана кредитордук карыз;

(b) алууга жана төлөөгө векселдер;

(c) зайымдар боюнча дебитордук жана кредитордук карыз; жана

(d) облигациялар боюнча дебитордук жана кредитордук карыз.

Келишим менен каралган ар бир учурда бир тараптын акча каражаттарын талап кылуу укугу (же төлөө боюнча милдети) башка тараптын төлөө боюнча тиешелүү милдети (же талап кылуу укугу) менен камсыз кылынат.

AG5 Финансылык инструменттин башка түрү болуп анын шарттары боюнча алуу же өткөрүп берүү болжолдонгон экономикалык пайда болуп акча каражаттарынан башкача финансылык актив санала турган инструмент эсептелет. Мисалы, мамлекеттик облигациялар менен төлөөгө жаткан вексель ээсине алууга келишимдик укук берет, ал эми эмитентке – акча каражаттарын эмес, мамлекеттик облигацияларды өткөрүп берүүгө келишимдик милдеттенме берет. Облигациялар финансылык активдер болуп саналат, анткени алар алардын өкмөтү акча

каражаттарын төлөөгө чыгарган милдеттенме болуп эсептелет. Ошентип, мындай вексель анын ээсинин финансылык активи жана анын эмитентинин финансылык милдеттенмеси болуп саналат.

AG6 «Мөөнөтсүз» карыздык инструменттер («мөөнөтсүз» облигациялар, камсыз кылынбаган облигациялар жана акционердик вакселдер сыяктуу) демейде алардын ээсине негизги сумманы кайтаруу укугусуз же аны кайтаруу укугу менен келечекте белгисиз убакытка жайылтылуучу, белгиленген күндөрдө пайыздык төлөмдөрдү алууга келишимдик укук берет, бирок муну күмөндүү кылган же бул кайтарууну алыскы келечекке жылдырган шарттарда берет. Мисалы, ишкана билдирилген 8% ставкага барабар, билдирилген номиналдуу же негизги суммага колдонулуучу 1 000 а.б.[3] ар жылкы төлөмдөрдү жүргүзүүнү талап кылуучу финансылык инструментти белгисиз мезгилдин ичинде чыгара алат. Чыгаруу учуруна 8% рыноктук пайыздык ставканы түзөөрүнө жол берүү менен, эмитент баштапкы таанууда алардын адилет (келтирилген) наркы 1 000 а.б. барабар пайыздарды келечекте төлөө жүргүзүү келишимдик милдеттенмесин өзүнө алат. Инструменттин ээси жана эмитенти тиешелүүлүгүнө жараша финансылык активге жана финансылык милдеттенмеге ээ.

AG7 Келишим менен шартталган алуу, өткөрүп берүү же финансылык инструменттер менен алмашуу жүргүзүү укугу же милдеттенмеси өз алдынча финансылык инструмент болуп саналат. Келишимдик укуктардын же келишимдик милдеттенмелердин чынжырчасы, эгерде түпкү жыйынтыгында ал акча каражаттарын алууга же төлөп берүүгө же болбосо үлүштүк инструментти сатып алууга же чыгарууга алып келсе, финансылык инструменттин аныктамасына ылайык келет.

AG8 Келишимдик милдеттенмени аткарууда келишим менен каралган укукту же милдеттенмени пайдалануу мүмкүнчүлүгү абсолюттуу же келечекте кандайдыр бир окуяны өркүндөтүүгө жараша болушу мүмкүн. Мисалы, финансылык кепилдик – бул кредитордун кепилдик берүүчүдөн акча каражаттарын алууга келишимдик укугу жана эгерде карызкор муну жасай албаса, кепилдик берүүчүнүн кредиторго төлөп берүүсүнүн тиешелүү келишимдик милдеттенмеси. Кредитордун өз укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү, ошондой эле милдеттенмени аткаруу үчүн кепилдик берүүчүгө карата талап, карызкор тарабынан милдеттенмени келечектеги аткарбоого жараша болсо да, келишимдик укук жана милдеттенме операциялардын же өткөндөгү окуянын (кепилдик берүүнүн) натыйжасында келип чыккан. Мындай активдер жана милдеттенмелер дайыма эле финансылык отчеттуулукта таанылa бербесе да, шарттуу укуктар жана милдеттенмелер финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин аныктамасына ылайык келет. Бул шарттуу укуктардын жана милдеттенмелердин айрымдары ФОЭС (IFRS) 4түн колдонуу чөйрөсүндөгү камсыздандыруу келишимдери болушу мүмкүн.

AG9 Ижара демейде ижарага берүүчүнүн алуу укугун жана ижарачынын төлөмдөрдүн агымын төлөө милдетин түзөт, алар негизинен карыздын негизги суммасынын жана кредиттик макулдашуу боюнча пайыздардын эсебиндеги аралаш төлөмдөргө окшош. Ижара берүүчү өзүнүн инвестициясын финансылык ижаранын предмети

[3] Ушул колдонмодо акчалардын суммалары «акча бирдиктеринде (а.б.)» берилген.

© ФОЭС Фонду

болуп саналган базалык активдин өзүндө эмес, финансылык ижара келишими боюнча дебитордук карыздын суммасында эске алат. Тиешелүүлүгүнө жараша ижара берүүчү финансылык ижараны финансылык инструмент катары карайт. ФОЭС (IFRS) 16га ылайык, ижара берүүчү операциялык ижара келишими боюнча ижара төлөмдөрүн алууга өзүнүн укугун таанибайт. Ижара берүүчү келишим боюнча келечекте алууга жаткан кандай гана болбосун сумманы эмес, базалык активдин өзүн эске алууну улантат. Тиешелүүлүгүнө жараша, ушул убакта ижарачы тарабынан төлөп берүүгө жаткан айрым төлөмдөрдү кошпогондо, ижара берүүчү операциялык ижараны финансылык инструмент катары карабайт.

AG10 Физикалык активдер (запастар, негизги каражаттар сыяктуу), ижарага алынган активдер жана материалдык эмес активдер (патенттер жана соода маркалары сыяктуу) финансылык активдер болуп саналбайт. Мындай физикалык жана материалдык эмес активдердин үстүнөн контролдоо акча каражаттарынын же башка активдердин агымын топтоштуруууга мүмкүнчүлүк түзөт, бирок ал акча каражаттарын же башка финансылык активдерди алууга олуттуу укукка алып келбейт.

AG11 Келечектеги экономикалык пайда акча каражаттарын же башка финансылык активди алууга укуктуу эмес, товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү алууда турган активдер (алдын ала төлөнгөн чыгашалар сыяктуу) финансылык активдер болуп саналбайт. Ушуга окшош кийинкиге калтырылган түшкөн киреше жана көпчүлүк кепилдик милдеттенмелер сыяктуу беренелер финансылык милдеттенмелер болуп саналбайт, анткени алар менен байланышкан экономикалык пайдаларды чыгарып салуу товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүдө турат, ал эми акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүү боюнча келишимдик милдеттенме болуп саналбайт.

AG12 Келишимдик эмес мүнөздөгү милдеттенмелер же активдер (өкмөт тарабынан киргизилген, мыйзамда жазылган талаптардын натыйжасында келип чыккан пайда салыктары сыяктуу) финансылык милдеттенмелер же финансылык активдер болуп саналбайт. Пайда салыктарын эсепке алуу ФОЭС (IAS) 12де каралат. Ушуга окшош түрдө, *«Баалануучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37де аныкталгандай, практикадан келип чыгуучу милдеттенмелер келишимдердин натыйжасында жаралбайт жана финансылык активдер болуп саналбайт.

## Үлүштүк инструменттер

AG13 Үлүштүк инструменттерге мисал катары кайра артка сатуу укугусуз жөнөкөй акциялар, кайра артка сатуу укугу менен айрым инструменттер (16A жана 16B-пункттарын караңыз), ишкана жоюлганда гана анын таза активдеринин пропорционалдуу үлүштөрүн башка тарапка берүү боюнча милдеттенме жүктөлгөн ишкананын айрым инструменттери (16C жана 16D-пункттарын кара), артыкчылыктуу акциялардын белгиленген типтери (AG25 жана AG26-пункттарын кара), ошондой эле бекитилген суммадагы акча каражатынын же башка финансы активдеринин ордуна эмитент ишканага мөөнөтсүз төлөө укугун бербестен, бекитилген сандагы жөнөкөй акцияларды сатууга жана сатып алууга алардын

ээсинин кол коюусуна мүмкүндүк берген варранттар жана сатып алууга чыгарылган опциондор саналат. Мекеменин бекитилген суммадагы акча каражатын же башка финансы активинин ордуна жеке үлүштүк инструменттердин бекитилген санын чыгаруу же сатып алуу милдеттенмеси бул мекеме үчүн үлүштүк инструмент болуп саналат (22А-пунктунда көрсөтүлгөндү кошпогондо). Бирок мындай келишим ишкананын акча каражаттарын төлөө же башка финансы активин (16А жана 16В-пункттарына же 16С жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструмент катары классификацияланган келишим болуп саналбаса) өткөрүп берүү милдетин камтыган болсо, ал ошондой эле төлөөнүн келтирилген наркына барабар суммага мидлеттенменин келип чыгышына алып келет (AG27(a)-пунктун караңыз). Каражаттарды бөлүштүрүү боюнча формалдуу аракеттерди жүзөгө ашырууда кайра артка сатуу укугусуз жөнөкөй акциялардын эмитенти өзүнө милдеттенмени алат жана акционерлердин алдында бул бөлүштүрүүнү жүзөгө ашыруу боюнча юрдикалык жактан милдеттүү болот. Бул дивиденддерди жарыялагандан кийин же ишкананы жоюуда болушу мүмкүн жана милдеттенмелер төлөнгөндөн кийин калган бардык активдер акционерлердин ортосунда бөлүштүрүлүүгө тийиш.

AG14 Сатып алуу үчүн алынган опцион же ишкана тарабынан сатып алынган жана анын аныкталган суммада акча каражатын же башка финансылык активди берүүнүн ордуна өздүк үлүштүк инструменттерин бекитилген санда кайра артка сатууга укук берүүчү башка ушуга окшош келишим, ишкананын финансылык активи болуп саналбайт (22А-пунктунда көрсөтүлгөндү кошпогондо). Мунун ордуна мындай келишим боюнча төлөнүүчү ордун толтуруу капиталдан алып салынат.

**Бардык башка класстарга карата субординацияланган инструменттердин классы (16А (b) жана 16С (b)-пункттары).**

AG14A 16А жана 16С-пункттарынын мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп бардык башка класстарга карата субординацияланган инструменттердин классына финансылык инструмент таандык болоору саналат.

AG14B Инструмент субординацияланган класска таандык экендигин аныктоодо, эгерде ал инструменттин классификациясынын күнүнө карата жоюуга жатса, ишкана жоюлганда инструмент боюнча талапты баалайт. Ишкана тиешелүү жагдайларда кандайдыр бир өзгөрүүлөр болгон учурда классификацияны кайра баалоого тийиш. Мисалы, эгерде ишкана башка финансы инструментин чыгарса же төлөсө, каралып жаткан инструмент бардык башка класстарга карата субординацияланган инструменттердин классына таандык болоорун же болбостугун аныктоого таасирин тийгизиши мүмкүн.

AG14C Ишкана жоюлганда артыкчылыктуу укукка ээ болгон инструмент ишкананын таза активдеринин пропорционалдуу үлүшүн алуу укугуна ээ инструмент болуп саналбайт. Мисалы, эгерде ишкананын таза активдеринин үлүшүн толуктоодо, жоюуда бекитилген дивидендди алуу үчүн ээсине укук берсе, жоюуда инструмент артыкчылыктуу укукка ээ болот, ишкананын таза активдеринин пропорционалдуу үлүшүн алуу укугу менен субординацияланган класстагы башка инструменттерди жоюуда ушундай эле укукту ала алышпайт.

AG14D Эгерде ишкана финансылык инструменттердин бир гана классына ээ болсо, ал бардык башка класстарга карата субординациялангандай эле ушул класска эсепке алуунун ушундай тартиби колдонулууга тийиш.

**Ушул инструментти колдонуу мөөнөтүнүн ичинде инструментке таандык акча каражаттарынын жалпы күтүлүүчү кыймылдары (16A(e)-пункту).**

AG14E Ушул инструменттин колдонуу мөөнөтү ичинде инструментке таандык акча каражаттарынын жалпы күтүлүүчү кыймылдары, негизинен пайдадан же зыяндан, ушул инструменттин колдонуу мөөнөтү ичинде таанылган таза активдеринин же ишкананын таанылган жана таанылбаган таза активдеринин адилет наркынын өзгөрүшүнөн көз каранды болууга тийиш. Пайда же зыян жана таанылган таза активдердин өзгөрүшү тийиштүү ФОЭСке ылайык бааланууга тийиш.

**Ишкананын менчик ээси катары аракеттенбеген инструменттин ээси менен жүргүзүлгөн операциялар (16A жана 16C-пункттары)**

AG14F Кайра артка сатуу укугу менен финансылык инструменттин же ишкананы жоюуда гана ишкананын таза активдеринин пропорционалдуу үлүшүн башка тарапка берүү боюнча милдетти жүктөгөн инструменттин ээси менчик ээси катары аракеттенбестен, ишкана менен операцияларды жүргүзө алат. Мисалы, инструменттин ээси ошондой эле ишкананын кызматкери болушу мүмкүн. Аны баалоодо, 16A-пунктуна же 16C-пунктуна ылайык үлүштүк инструмент катары классификацияланабы же жокпу, ишкананын менчик ээси катары аракеттенген инструменттин ээсине тиешелүү болгон акча каражаттарынын кыймылдары жана инструменттин келишимдик шарттары гана каралууга тийиш.

AG14G Мисал катары жоопкерчилиги чектелген шериктик, жоопкерчилиги чектелген жана чектелбеген өнөктөштөр болуп саналат. Айрым жоопкерчилиги чектелген өнөктөштөр ишканага кепилдик бериши мүмкүн жана мындай кепилдиги үчүн сыйакы алышы мүмкүн. Мындай учурларда кепилдиктер жана тиешелүү акча каражаттарынын кыймылдары ишкананын менчик ээси катары эмес, кепил берүүчү катары колдонулган инструменттердин ээсине карайт. Демек, мындай кепилдик жана тиешелүү акча каражаттарынын кыймылдары жоопкерчилиги чектелбеген өнөктөштөрдү жоопкерчилиги чектелген өнөктөштөргө карата субординацияланган катары кароого алып келбейт жана бул жоопкерчилиги чектелген шериктиктердин инструменттеринин жана жоопкерчилиги чектелбеген шериктиктердин инструменттеринин келишимдик шарттарынын окшоштугун баалоодо көңүл тышында калтырылат.

AG14H Башка мисал ушул же өткөн жыл ичинде көрсөтүлгөн кызматтардан же жүзөгө ашырылган ишмердүүлүктөрдөн улам инструменттердин ээлеринин ортосунда бөлүштүрүлгөн пайданын же зыяндын алкагында пайдаларга же зыяндарга катышууга макулдашуу болуп саналат. Мындай макулдашуулар менчик ээси катары эмес аракеттенген инструменттердин ээси менен болгон операциялар болуп саналат жана 16A-пунктунда же 16C-пунктунда саналган мүнөздөмөлөрдү баалоодо каралууга тийиш эмес. Бирок, пайдаларга же зыяндарга катышууга макулдашуунун алкагында пайда же зыян инструменттердин ээлеринин ортосунда

© ФОЭС Фонду

бөлүштүрүлөт, ушул класстын башка инструменттерине салыштырмалуу алардын инструменттеринин номиналдык наркынан улам, менчик ээси катары аракеттенген инструменттердин ээлери менен болгон операцияларды билдирет жана 16А-пунктунда же 16С-пунктунда саналган мүнөздөмөлөрдү баалоодо каралууга тийиш.

AG14I Инструменттин ээси (менчик ээси катары эмес аракеттенген) менен эмитент ишкананын ортосунда жүргүзүлгөн акча каражаттарынын кыймылы жана операциянын келишимдик шарттары мындай эквиваленттүү операциялар менен окшош болуп, инструменттин ээси жана эмитент ишкана болуп саналбаган тараптардын ортосунда жүргүзүлүүгө тийиш.

Инструменттин ээси үчүн бекитилген калдык кирешени олуттуу түрдө чектеген же белгилеген башка финансылык инструменттин жана акча каражаттарынын жалпы кыймылы менен келишимдин жоктугу (16В жана 16D-пункттары).

AG14J Мындай финансылык инструменттин үлүштүк инструменти катары тескери учурда 16А- пунктунда же 16С-пунктунда баяндалган критерийлерди канааттандырган классификациялоонун шарттары, (a) анын алкагында акча каражаттарынын жалпы кыймылы негизинен пайдадан же зыяндан, таанылган таза активдердин өзгөрүүлөрүнөн же ишкананын таанылган жана таанылбаган таза активдеринин адилет наркынын өзгөрүүлөрүнөн көз каранды болгон жана (b) бекитилген маанисин чектөө же белгилөө жолу менен калдык кирешеге таасир этүүдөн ишкананын башка финансылык инструменти же келишими жок болуп саналат. Аларды байланыштуу эмес тараптар менен демейки коммерциялык шарттарда түзүүдө төмөнкү инструменттердин ыктымалдуулугунун жогорулугу, инструменттин классификациясына алып келет, ал тескери учурда 16А-пунктунда же 16С-пунктунда баяндалган критерийлерди үлүштүк инструмент катары канаттандырат:

(a) анын алкагында акча каражаттарынын жалпы кыймылы ишкананын спецификалык автивдеринен көз каранды болгон инструменттер;

(b) анын алкагында акча каражаттарынын жалпы кыймылы кирешелердин пайыздык көлөмүнөн көз каранды болгон инструменттер;

(c) ишканага көрсөткөн кызматтары үчүн айрым кызматкерлерге сыйакыларды берүү максатында түзүлгөн келишимдер;

(d) көрсөтүлгөн кызматтары же товарлар үчүн түшкөн пайданын анча көп эмес пайызын төлөп берүүнү талап кылган келишимдер.

## Туунду финансылык инструменттер

AG15 Финансылык инструменттер өзүнө базистик инструменттерди (дебитордук жана кредитордук карыз жана үлүштүк инструменттер сыяктуу), ошондой эле туунду финансылык инструменттерди (финансылык опциондор, фьючерстик жана форварддык келишимдер, пайыздык жана валюталык своптор сыяктуу) камтыйт. Туунду финансылык инструменттер финансылык инструменттин аныктамасына туура келет, жана, тиешелүү түрдө, ушул стандарттын колдонуу чөйрөсүнө кирет.

AG16 Туунду финансылык инструменттер укук жана милдеттерди жаратат, алардын натыйжасында бир тарап жактан келишим боюнча экинчи тарапка, алардын негизинде базистик финансылык инструментте камтылып жаткан бир же бир нече финансылык тобокелдиктерди өткөрүп берүү жүрөт. Келишимди түзүүдө туунду финансылык инструменттер бир тарапка экинчи тарап менен мүмкүн болуучу пайдалуу шарттарда финансылык активдерди же финансылык милдеттенмелерди алмаштырууга келишимдик укук берет же ага экинчи тарап менен мүмкүн болушунча пайдалуу эмес шарттарда келишимдик милдеттенмелерди алмашуунун келишимдик милдеттенмесин жүктөйт. Бирок, адатта[4] алар өзүнөн кийин келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн башында базистик финансылык инструменттин негизинде жаткандын өткөрүлүп берилишине алып келбейт, жана мындай өткөрүп берүү келишим аяктаганда орун алышы керек. Кээ бир инструменттер алмашууну жүзөгө ашыруу боюнча укукту да, ошондой эле милдеттенмени да камтыйт. Анткени, алмашуунун шарттары келишимди түзүүдө аныкталат, финансылык рыноктордогу баалардын өзгөрүүлөрүнө жараша бул шарттар же пайдалуу, же болбосо пайдасыз болуп калышы ыктымал.

AG17 Финансылык активдерди же милдеттенмелерди (б.а. ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери болуп саналбаган финансылык инструменттерди) алмашууга арналган сатууга же сатып алууга опцион анын ээсине финансылык инструмент келишиминин негизинде жаткан адилет нарктын өзгөрүүлөрү менен байланышкан потенциалдык келечектеги экономикалык пайдаларды алууга укук берет. Жана тескерисинче, опциондун сатуучусу өзүнө потенциалдык келечектеги экономикалык пайдалардан баш тартуу же финансылык инструменттин негизинде жаткан адилет нарктын өзгөрүүлөрү менен байланышкан потенциалдык зыяндарды тартуу жөнүндө милдеттенме алат. Ээсинин келишимдик укугу жана сатуучунун келишимдик милдеттенмеси тийиштүүлүгүнө жараша финансылык активдин жана финансылык милдеттенменин аныктамаларына жооп берет. Опциондун негизинде жаткан финансылык инструмент, акцияларды кошуп алганда, алар боюнча үстөк пайыздар чегерилүүчү кандай болбосун финансылык актив боло алат. Опцион сатуучуга карата финансылык активдин ордуна карыздык милдеттенме чыгаруу жөнүндө талапты камтышы мүмкүн, бирок эгерде опцион аткарылган болсо, анын негизинде жаткан инструмент ээсинин финансылык активи болуп калмак. Опциондун ээсинин финансылык активдерди потенциалдык пайдалуу шарттарда алмаштыруу укугу жана сатуучунун финансылык активдерди потенциалдык пайдалуу эмес шарттарда алмаштыруу милдеттенмеси алардын негизинде жаткан, опцион аткарылганда алмаштырылуусу тийиш болгон финансылык активдерден айырмаланат. Ээсинин укугунун жана сатуучунун милдеттенмесинин мүнөзү опциондун аткарылышынын ыктымалдыгына көз каранды болбойт.

AG18 Туунду финансылык инструменттин дагы бир башка мисалы форварддык келишим болуп саналат, ал боюнча эсептешүүлөр алты айдан кийин жүргүзүлүүсү тийиш жана анда тараптардын бири (сатып алуучу) 1 000 000 а.б. бекитилген пайыздык ставка менен жана номиналдык наркы 1 000 000 а.б. барабар болгон акча каражаттарын мамлекеттик облигацияларга алмашууга убада берет, ал эми экинчи

[4] Бул туунду инструменттердин бардыгына эле эмес, көпчүлүгүнө таандык, мисалы, айрым кросс-валюталык пайыздык своптордо негизги сумма баштапкы этапта алмаштырылат (жана төлөп жатканда кайтадан алмаштырылат).

тарап (сатуучу) бекитилген пайыздык ставка менен жана номиналдык наркы 1 000 000 а.б. барабар болгон мамлекеттик облигацияларды 1 000 000 а.б. акча каражаттарына алмаштырууга убада кылат. Алты айдын ичинде эки тарап тең финансылык инструменттерди алмаштырууга келишимдик укукка жана келишимдик милдеттенмеге ээ болушат. Эгерде мамлекеттик облигациялардын рыноктук баасы 1 000 000 а.б., жогору көтөрүлүп кетсе, анда шарттар сатып алуучу үчүн пайдалуу жана сатуучу үчүн пайдалуу эмес болот; эгерде рыноктук баа 1 000 000 а.б., төмөн түшүп кетсе, натыйжа тескерисинче болот. Сатып алуучу колдо болгон сатып алууга опцион боюнча укугуна окшош келишимдик укукка (финансылык актив) жана сатууга чыгарылган опцион боюнча милдеттенмесине окшош келишимдик милдеттенмеге (финансылык милдеттенмеге) ээ болот; сатуучу колдо болгон сатууга опцион боюнча укугуна окшош келишимдик укукка (финансылык актив) жана сатууга чыгарылган опцион боюнча милдеттенмесине окшош келишимдик милдеттенмеге (финансылык милдеттенмеге) ээ болот. Опциондорго окшош эле көрсөтүлгөн келишимдик укуктарды жана милдеттенмелерди алардын негизинде жаткан (алмаштырылуусу тийиш болгон облигациялар жана акча каражаттары) финансылык инструменттерден өзүнчө жана айырмалуу финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер түзөт. Форварддык келишим боюнча эки тарап тең макулдашылган мезгилде белгилүү иш-аракеттерди жүргүзүү милдеттенмесине ээ болушат, ошол эле убакта опцион боюнча келишимди аткаруу, опциондун ээси аны ишке ашырууну чечкен учурда жана убакта гана жүрөт.

AG19 Туунду инструменттердин көптөгөн башка типтери келечектеги алмашууну, анын ичинде пайыздык жана валюталык свопторду, пайыздык ставкаларга «кэп», «коллар» жана «флор» сыяктуу келишимдерди, зайымдар боюнча милдеттенмелерди, векселдерди жана аккредитивдерди чыгаруу программаларын жүргүзүү укугун же милдеттенмесин камтыйт. Пайыздык своп келишими форварддык келишимдин бир түрү катары каралышы мүмкүн, анда тараптар келечектеги алмашуулар түрмөгүн акча каражаттары менен жүргүзүүгө макулдашышат, алардын ичинен бири өзгөрмөлүү пайыздык ставканы, ал эми экинчиси – бекитилген пайыздык ставканы пайдалануу менен эсептешет. Фьючерстик келишимдер форварддык келишимдердин башка түрү болуп саналат, ал эң башкысы бул келишимдердин стандартташтырылганы жана биржада жүгүртүлгөнү менен айырмаланышат.

## Финансылык эмес объектилерди сатып алууга же сатууга келишимдер (8–10-пункттар)

AG20 Финансылык эмес объектилерди сатып алууга же сатууга келишимдер финансылык инструменттин аныктамасына жооп бербейт, анткени келишим укугу менен шартталган тараптардын бир жагы финансылык эмес актив же кызмат көрсөтүү алат жана башка тараптын тиешелүү милдеттенмеси тараптардын кандайдыр-бир жагынын финансылык активди берүү, алуу же алмашуу укугун же милдеттенмесин белгилебейт. Мисалы, финансылык эмес объектилерди алуу же өткөрүп берүү жолу менен гана эсептешүүлөрдү караган келишимдер (мисалы, күмүшкө опцион, фьючерстик же форварддык келишим) финансылык инструменттер болуп

© ФОЭС Фонду

саналбайт. Көптөгөн товардык келишимдер ушул типке киришет. Алардын кээ бирлери формасы боюнча стандартташтырылат жана уюштурулган рыноктордо дээрлик кээ бир туунду финансылык инструменттердей эле жүгүртүлөт. Мисалы, товардык фьючерстик келишим акча каражаттары үчүн эркин сатылып алынышы жана сатылышы мүмкүн, анткени ал биржанын листингине кошулган жана колдон колго көп жолу өтүшү мүмкүн. Бирок келишимди сатып алуучу жана сатуучу тараптар иш жүзүндө анын негизинде жаткан биржалык товар менен соода кылышат. Товардык келишимди сатып алуу же сатуу мүмкүнчүлүгү, аны сатып алуунун же сатуунун жеңилдиги, жана биржалык товарды алууга же берүүгө милдеттенме боюнча акча каражаттары менен эсептешүү жөнүндө макулдашуу мүмкүнчүлүгү бул келишимдин фундаменталдык мүнөзүн, анын натыйжасында финансылык инструмент болуп калгыдай өзгөртө албайт. Бирок, алар боюнча нетто-эсептешүү же финансылык инструменттер менен алмашуу жолу менен эсептешүү жүргүзүлүшү мүмкүн болгон финансылык эмес объектилерди сатып алууга жана сатууга кээ бир келишимдер же акча каражаттарына эркин конвертацияланууучу фиансылык эмес объект, эгерде алар финансылык инструменттер болуп саналгандай, ушул стандарттын колдонулуу чөйрөсүнө кирет (8-пунктту караңыз).

AG21 *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киереше»* ФОЭС (IFRS) 15тин талаптарын кошпогондо, физикалык активдерди алууга же берүүгө түзүлгөн келишим, эгерде кандай болбосун тийиштүү төлөм физикалык активдерди өткөрүп берген күндөн кийинкиге калтырылбаса, бир тараптын финансылык активинин жана экинчи тараптын финансылык милдеттенмесинин пайда болушуна алып келбейт. Соода кредитине товарларды сатып алууда же сатууда иштер ушундай болот.

AG22 Кээ бир келишимдер товарлар менен байланышкан, бирок товарды бүкүлү алуу же өткөрүп берүү жолу менен эсептешүү жүргүзүүнү талап кылбайт. Алар акчалай төлөмдөр аркылуу өз ара эсептешүүнү карайт, алардын суммасы бекитилген эмес, а келишимде белгиленген формула боюнча аныкталат. Мисалы, облигациянын негизги суммасы мунайдын бекитилген көлөмүнө колдонмолуу облигацияны төлөө күнүнө мунайдын артыкча рыноктук баасын колдонуу жолу менен эсептелиши мүмкүн. Негизги сумма товардын котировкасына карата индекстелет, бирок акчалай формада гана төлөнөт. Мындай келишимдин өзү финансылык инструментти билдирет.

AG23 Финансылык инструменттин аныктамасына, ошондой эле финансылык активге же финансылык милдеттенмеге карата кошумча түзүлгөн финансылык эмес актив же финансылык эмес милдеттенме келишими дагы туура келет. Мындай финансылык инструменттер көпчүлүгү бир тарапка финансылык активди финансылык эмеске алмаштыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Мисалы, мунай облигациясы ээсине төлөө мөөнөтү келип жеткенде карыздын негизги суммасын мунайдын белгиленген көлөмүнө алмаштыруу мүмкүнчүлүгү менен, мезгил-мизгилдүү белгиленген пайыздык төлөмдөрдү жана белгиленген суммаларды алуу укугун бере алат. Опционду сатуунун артыкчылыктуулугу мезгил-мезгили менен мунайдын адилет наркына жараша, облигацияда каралган мунайга акча каражаттарын алмашуу

курсуна (алмашуу баасына) байланыштуу өзгөрүлүп турат. Облигациянын ээсинин опционду сатууга карата ниети инструментти түзүүчү активдердин көлөмүнө таасирин тийгизбейт. Ээсинин финансылык активи жана эмитенттин финансылык милдеттенмеси, алар дагы түзүүчү активдердин жана милдеттенмелердин башка типтерине карабастан облигацияны финансылык инструмент кылат.

AG24 [Алып салынган]

## Маалымат берүү

### Милдеттенмелер жана өздүк капитал (15–27-пункттар)

**Акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүү келишимдик милдеттенмесинин болбогону (17–20-пункттар)**

AG25 Артыкчылыктуу акциялар ар түрдүү укуктар менен чыгарылышы мүмкүн. Артыкчылыктуу акция финансылык милдеттенме же үлүштүк инструмент болуп саналар-саналбасын аныктоодо, анын канчалык финансылык милдеттенменин белгилерине ээ болгонун аныктоо үчүн, эмитент акция менен ырасталган конкреттүү укукту баалайт. Мисалы, белгилүү бир күнү же ээсинин каалоосу боюнча аны төлөөгө укук берүүчү артыкчылыктуу акция финансылык милдеттенмени камтыйт, анткени эмитентте финансылык активдерди акциялардын ээсине өткөрүп берүү милдеттенмеси бар. Качан муну келишим талап кылганда, каражаттардын жетишсиздик себеби боюнча, административдик чектөөлөрдөн же алган пайданын же капиталдык резервдердин жетишсиздигинен улам эмитенттин артыкчылыктуу акцияны төлөө милдеттенмесин аткарууга мүмкүн болуучу жөндөмсүздүгү бул милдеттенмени жокко чыгарбайт. Акцияларды акча каражаттары менен төлөөгө эмитенттин опциону финансылык милдеттенме аныктамасына жооп бербейт, анткени эмитент акционерлердин финансылык активдеринин алдында колдонуудагы финансылык милдеттенмеге ээ эмес. Бул учурда акцияларды төлөө эмитенттин каалоосу боюнча гана жүргүзүлөт. Бирок, милдеттенме эмитенттин опционду аткаруу убагында, адатта акционерлерди акцияларды төлөө ниети жөнүндө формалдуу кабарландыруунун натыйжасында пайда болушу мүмкүн.

AG26 Качан артыкчылыктуу акциялар төлөнбөгөн болуп саналганда, тиешелүү классификация алар бекиткен башка укуктар менен аныкталат. Бул классификация келишимдик макулдашуулардын мазмунун жана белгилүү финансылык милдеттенменин жана үлүштүк инструменттин аныктамаларын талдоого негизделет. Качан топтолгон же топтолбогон артыкчылыктуу акциялардын ээлерине төлөмдөр эмитенттин каалоосу боюнча жүргүзүлгөндө, акциялар үлүштүк инструменттер болуп саналат. Үлүштүк инструмент же финансылык милдеттенме катары артыкчылыктуу акциялардын классификациясына төмөнкүлөр таасирин тийгизбейт, мисалы:

(a) каражаттарды бөлүштүрүүнүн тарыхы;

(b) каражаттарды бөлүштүрүүнү келечекте жүргүзүү ниети;

(c) эгерде бөлүштүрүү жүргүзүлбөсө, эмитенттин жөнөкөй акцияларынын баасына тийиши мүмкүн болуучу терс таасирлер (артыкчылыктуу акциялар боюнча дивиденддер төлөнбөгөн учурда, жөнөкөй акциялар боюнча төлөмдөргө чектөөлөрдүн себеби боюнча);

(d) эмитенттин капиталдык резервдеринин көлөмү;

(e) эмитенттин мезгил ичиндеги пайдага жана зыянга карата күтүүлөрү; же

(f) эмитенттин мезгил ичиндеги өзүнүн пайдасынын же зыянынын көлөмүнө таасир этүү жөндөмдүүлүгү же жөндөмсүздүгү.

**Ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери менен жөнгө салуу (21–24-пункттар)**

AG27 Төмөнкү мисалдар ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери боюнча келишимдердин ар кыл түрлөрүн кантип классификациялоону көрсөтүп турат:

(a) Кандайдыр-бир утурлама ордун толтуруу албастан, же өздүк акциялардын бекитилген санын акча каражаттарынын белгиленген же башка финансылык активдердин суммасына алмашуусуз ишкана тарабынан өздүк акциялардын бекитилген санын алуу же берүү жолу менен эсептешүү жүргүзүлгөн келишим үлүштүк инструмент (22А-пунктунда көрсөтүлгөндү кошуп албаганда) болуп саналат. Демек, ушундай келишим боюнча алынган же төлөнүп берилген кандай болбосун ордун толтуруу, түздөн-түз өздүк капиталга тийиштүү болот же андан алып салынат. Мисалы, башка тарапка белгиленген акча каражаттарынын суммасына ишкананын акцияларынын бекитилген санын сатып алууга укук берген акцияга чыгарылган опцион. Бирок, эгерде келишим боюнча ишканадан акча каражаттарына же башка финансылык активге, бекитилген же аныкталуучу күнгө, же болбосо талап боюнча өзүнүн өздүк акцияларын сатып алуу (кайра сатып алуу) талап кылынса, анда ишкана ошондой эле кайра сатып алуу суммасынын келтирилген наркы боюнча финансылык милдеттенмени тааныйт (16А жана 16В-пункттарында же 16С жана 16D-пункттарында каралган бардык мүнөздөмөлөргө ээ жана шарттарды канааттандырган инструменттерди кошпогондо). Ишкананын форварддык келишим боюнча акча каражаттарынын бекитилген суммасына өзүнүн өздүк акцияларынын бекитилген санын кайра артка сатып алуу милдеттенмеси ушундай мисалдардын бири болуп саналат.

(b) Ишкананын акча каражаттарына өзүнүн өздүк акцияларын кайра сатып алуу милдеттенмеси, эгерде ишкана кайра сатып алууга милдеттүү акциялардын саны бекитилбесе  же милдеттенме каршы тараптын кайра сатып алуу (16А жана 16В-пункттарында же 16С жана 16D-пункттарында көрсөтүлгөндөрдү кошпогондо) укугун пайдалануу менен шартталса дагы, кайра сатып алуу суммасынын  келтирилген наркына барабар финансылык милдеттенменин пайда болуусуна алып келет. Эгерде каршы тарап опционду аткарса, ал боюнча ишканадан акча каражаттарына өзүнүн өздүк акцияларын кайра

кайра сатып алуу талап кылынса, чыгарылган опцион шарттуу милдеттенменин мисалы болуп саналат.

(c) Эсептешүү акча каражаттары менен же башка финансылык активди өткөрүп берүү жолу менен жүргүзүлгөн келишим, эгерде алынуучу же өткөрүп берилүүчү акча каражаттарынын же башка финансылык активдин суммасы ишкананын капиталынын (16A жана 16B-пункттарында же 16C жана 16D-пункттарында көрсөтүлгөндү кошпогондо) рыноктук бааларынын өзгөрүүлөрүнө негизделсе дагы ал финансылык актив же финансылык милдеттенме болуп саналат. Ал боюнча акча каражаттары менен нетто-эсептешүү жүргүзүлгөн акцияга опцион мунун мисалы болуп саналат.

(d) Эсептешүү наркы бекитилген суммага же өзгөрүлмөнүн негизинде жаткан өзгөрүүлөргө (мисалы, биржалык товардын котировкалары) негизделген суммага барабар ишкананын өздүк акцияларынын өзгөрүлмөлүү саны менен жүргүзүлүүчү келишим финансылык актив же финансылык милдеттенме болуп саналат. Алтынды сатып алууга чыгарылган опцион мунун мисалы болуп саналат, ал боюнча, аны аткарганда ишкана тарабынан алардын наркы опциондун наркына барабар болгон ушул инструменттердин санын берүү жолу менен, ишканын өздүк финансылык инструменттери менен нетто-эсептешүү жүргүзүлөт. Мындай келишим, эгерде өзгөрүлмөнүн негизинде жаткан алтындын баасы эмес, ишкананын өздүк акцияларынын баасы болуп саналса дагы финансылык актив же финансылык милдеттенме болуп саналат. Ишкананын өздүк акцияларынын бекитилген саны менен жүргүзүлчү келишим ушуга окшош, бирок, бул акциялар менен ырасталган укук, төмөнкүдөй өзгөрөт, мында төлөөнүн наркы бекитилген суммага же өзгөрүлмөнүн негизинде жаткан өзгөрүүлөргө негизделген суммага барабар болот, ал финансылык актив же финасылык милдеттенме болуп саналат.

**Белгилүү бир шарттарда эсептешүүлөрдү жүргүзүү тууралуу келишимдин жоболору (25-пункт)**

AG28 25-пунктка ылайык, эгерде жобонун бир бөлүгүнө ылайык, акча каражаттары же башка финансылык актив менен эсептешүүнү (же финансылык милдеттенмелерге мүнөздүү башка ыкма менен төлөөнү) талап кылуу мүмкүнчүлүгү жалган болсо, мындай жобо финансылык инструменттин классификациясына таасирин тийгизбейт. Ошентип, пайда болуу ыктымалдыгы абдан төмөн, өзгөчө сейрек жана абдан адаттан тыш окуянын пайда болуусунда гана акча каражаттары менен же ишкананын өздүк акцияларынын өзгөрүлмөлүү саны менен эсептешүү талап кылынган келишим, үлүштүк инструмент болуп саналат. Ушуга окшош ишкананын контролунан тышкары турган жагдайлар келип чыкканда, келишимге ылайык ишкананын өздүк акцияларынын бекитилген саны менен эсептешүүгө тыюу салынат. Бирок, эгерде бул жагдайлардын пайда болуусунун айкын мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда мындай келишимди үлүштүк инструмент катары классификациялоо орундуу болот.

**Бириктирилген финансылык отчеттуулукта чагылдыруу**

AG29 Бириктирилген финансылык отчеттуулугунда ишкана контролдонбоочу үлүштөрдү, б. а. ФОЭС (IAS) 1ге жана ФОЭС (IFRS) 10го ылайык, анын туунду ишканаларынын капиталындагы жана кирешелериндеги башка тараптардын үлүштөрүн көрсөтөт. Финансылык инструментти (же анын компонентин) классификациялоодо ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда топтун инструмент боюнча бирдиктүү бир бүтүн милдеттенме катары акча каражаттарын же башка финансылык активди өткөрүп берүү милдетенмесине же бул инструментти милдеттенме катары классификациялоого алып келүүчү эсептешүүнү жүргүзүүнүн башка ыкмасына ээлигин аныктоодо, топтун мүчөлөрү жана инструменттин ээлери менен макулдашылган бардык мөөнөттөр жана шарттар көңүлгө алынат. Эгерде туунду ишкана топто финансылык инструмент чыгарса жана ошону менен бирге башкы ишкана же топтун башка ишканасы түздөн-түз инструменттин ээси менен (мисалы, кепилдик берүүчү менен) кошумча шарттарды макулдашуу жүргүзүп жатса, анда топ каражаттарды бөлүштүрүүгө же төлөөгө карата эркин тандоого ээ болушу мүмкүн. Анткен менен, туунду ишкана өзүнүн өзүнчө финансылык отчеттуулугунда мындай кошумча шарттарды көңүлгө албастан инструментти туура классификациялай алат, мында топ тарабынан жалпысынан түзүлгөн келишимдерди жана операцияларды бириктирилген отчеттуулукта чагылдырууну камсыз кылуу үчүн топтордун мүчөлөрүнүн жана инструменттин ээлеринин ортосунда түзүлгөн башка макулдашуулар көңүлгө алынат. Ушундай милдеттенме же эсептешүү жөнүндө жобо кандай деңгээлде болгонуна жараша инструмент (же ага карата милдеттенме болгон анын компоненти) бириктирилген финансылык отчеттуулукта финансылык милдеттенме катары классификацияланат.

AG29A Ишканага келишимдик милдеттенмени жүктөөчү инструменттердин кээ бир типтери 16A жана 16B-пункттарына же 16C жана 16D-пункттарына ылайык үлүштүк инструменттер катары классификацияланат. Классификация ушул пункттарга ылайык принциптерден өзгөчө учурду билдирет, алар тескерисинче болгон учурда, ушул стандартта инструменттерди классификациялоого карата колдонулмак. Бул өзгөчө учур бириктирилген финансылык отчеттуулукта контролдонбоочу үлүштөрдү классификациялоого жайылтылбайт. Демек, 16A жана 16B-пункттарына же 16C жана 16D-пункттарына ылайык, өзү контролдонбоочу үлүштөрдү билдирүүчү өзүнчө же жеке финансылык отчеттуулукта үлүштүк инструменттер катары классификациялануучу инструменттер, топтун бириктирилген финансылык отчеттуулугунда милдеттенме катары классификацияланат.

## Татаал финансылык инструменттер (28–32-пункттар)

AG30 28-пункт туунду эмес татаал финансылык инструменттердин эмитенттерине карата гана колдонулат. 28-пункт ээлеринин көз карашынан ушундай болуп саналган татаал финансылык инструменттерге тиешеси жок. ФОЭС (IFRS) 9 ээлеринин көз карашынан татаал финансылык инструменттер болуп саналган финансылык активдерди классификациялоону жана баалоону карайт.

© ФОЭС Фонду

AG31 Камтылган конвертациялоо мүмкүнчүлүгү менен карыздык инструмент татаал финансылык инструменттин кеңири жайылган формасы болуп саналат, мисалы, эмитенттин жөнөкөй акциясына конвертациялануучу, жана камтылган туунду инструменттин кандайдыр-бир башка белгилери жок облигация. 28-пункт финансылык абал жөнүндө отчетто эмитенттен ушундай финансылык инструменттин эмитентинен милдеттенменин компонентин жана капиталдын компонентин өзүнчө, төмөнкүдөй көрсөтүүнү талап кылат:

(a) эмитенттин пайыздарды жана негизги суммаларды пландуу төлөмдөрдү жүргүзүү милдеттенмеси финансылык милдеттенме болуп саналат, ал инструмент конвертацияланганга чейин болот. Компонентинин адилет наркы баштапкы таанууда, милдеттенме ал салыштырмалуу кредиттик статуска ээ болгон жана иш жүзүндө ушундай эле акча каражаттарынын агымдарын камсыз кылган, бирок конвертациялоого опциону жок инструменттерге карата колдонулуучу учурдагы рыноктук пайыздык ставка боюнча келишим менен аныкталган дисконттолгон акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын келтирилген наркына барабар болот;

(b) үлүштүк инструмент эмитенттин өздүк капиталына конвертациялоого камтылган опцион болуп саналат. Эгерде анын аткаруу баасы пайдалуу эмес болсо дагы, бул опцион баштапкы таанууда наркка ээ болот.

AG32 Төлөө мөөнөтү келип жеткенде конвертациялануучу инструментти конвертациялоодо ишкана милдеттенменин компонентин таанууну токтотот жана аны капиталдын курамында тааныйт. Капиталдын биринчи компоненти капиталдын курамында калат (ал капиталдын бир беренесинен башкасына өткөрүп берилиши мүмкүн болсо дагы). Төлөө мөөнөтү келип жеткенде конвертациялоодо пайда же зыян келип чыкпайт.

AG33 Качан ишкана конвертациялоонун баштапкы укуктары өзгөрүлбөгөндө мөөнөтүнөн мурда кайра сатып алуу же кайра артка сатып алуу жолу менен  төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин конвертациялануучу инструментти төлөгөндө, ишкана кайра артка сатып алуу же төлөө боюнча милдеттенменин компоненттерине жана инструмент боюнча капиталга төлөнүп берилген ордун толтурууну жана ал операциялык чыгымдарды тийиштүү операциялардын күнүнө бөлүштүрөт. Төлөнгөн ордун толтурууну жана операциялык чыгымдарды өзүнчө компоненттерге бөлүштүрүү үчүн пайдаланылуучу метод, 28–32-пункттарга ылайык конвертациялануучу инструмент чыгарылган ишкана тарабынан алынган келип түшүүлөрдү компоненттерге өзүнчө алгачкы бөлүштүрүүдө пайдаланылган методго ылайык келиши керек.

AG34 Качан мындай бөлүштүрүү жүргүзүлгөндө, пайданын же зыяндын натыйжасында пайда болгон ордун толтуруу, тийиштүү компонент үчүн колдонулуучу бухгалтердик эсептин принциптерине ылайык төмөнкүдөй эсепке алынат:

(a) милдеттенменин компонентине тийиштүү пайданын же зыяндын суммасы пайданын же зыяндын курамында таанылат;

(b) капиталдын компонентине тийиштүү ордун толтуруунун суммасы капиталдын курамында таанылат.

AG35 Ишкана мөөнөтүнөн мурда конвертациялоону кызыктыруу үчүн конвертацияланууучу инструменттин шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизе алат, мисалы, мурун аныкталган күндөн мурун конвертацияланган учурда, конвертациялоонун бир кыйла жагымдуу коэффицентин сунуш кылуу же кошумча ордун толтурууну төлөп берүү менен. Кайра каралган шарттарга ылайык инструментти конвертациялоодо ээси ала турган жана баштапкы шарттарга ылайык ордун толтуруунун адилет наркында ээси сумманын ортосундагы шарттарга өзгөртүүлөрдү киргизүү күнүнө карата айырма пайданын же зыяндын курамындагы зыян катары таанылат.

## Акционерлерден кайра сатып алынган өздүк акциялар (33 жана 34-пункттар)

AG36 Ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери, алардын кайра сатып алынган себептеринен көз карандысыз, финансылык активдер катары таанылбайт. 33-пункт өзүнүн өздүк үлүштүк инструменттерин кайра сатып алган ишканадан бул үлүштүк инструменттерди капиталдан алып салууну талап кылат. Бирок, эгерде ишкана өз капиталына башка жактардын атынан, мисалы, өз капиталына кардардын атынан ээси финансылык мекеменин атынан ээлик кылса, агенттик мамилелер келип чыгат жана натыйжада мындай ээлик кылуу ишкананын финансылык абалы жөнүндө отчетко киргизилбейт.

## Пайыздар, дивиденддер, зыяндар жана пайдалар (35–41-пункттар)

AG37 Кийинки мисал татаал финансылык инструментке карата 35-пункттун колдонулушун сүрөттөп көрсөтөт. Топтолбогон артыкчылыктуу акциялар беш жылдан кийин акча каражаттарына алмашуу менен милдеттүү төлөнүүгө жатат деп коёлу, бирок ошол эле убакта алар боюнча дивиденддер мындай төлөө күнүнө чейин ишкананын кароосу боюнча төлөнүп берилүүсү тийиш. Мындай инструмент төлөө суммасынын келтирилген наркы болуп саналган милдеттенменин компоненти менен татаал финансылык инструмент болуп саналат. Ушул компонент боюнча дисконтту амортизациялоо пайданын жана зыяндын курамында таанылат жана пайыздык чыгаша катары классификацияланат. Бардык төлөнүп берилген дивиденддер капиталдын компонентине тийиштүү болот, жана, ошондуктан, пайданы жана зыянды бөлүштүрүү катары таанылат. Эсепке алуунун ушуга окшош тартиби, эгерде төлөө милдеттүү болуп саналбаган, бирок ээсинин каалоосу боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн болгон учурда, же эгерде акция милдеттүү түрдө жөнөкөй акциялардын өзгөрүлмөлүү санына конвертацияланууучу болуп саналганда, алардын суммасы бекитилген же өзгөрүлмөнүн негизинде жаткан өзгөрүүлөргө негизделген суммага (мисалы, биржалык товардын котировкасына) барабар болгондой эсептелгенде пайдаланылмак. Бирок эгерде төлөнүп берилбеген дивиденддер төлөө суммасына кошулса, анда бүтүндөй инструмент милдеттүү болуп саналат. Бул учурда бардык дивиденддер пайыздык чыгашалар катары классификацияланат.

© ФОЭС Фонду

## Финансылык активдин жана финансылык милдеттенменин өз ара чегерилүүсү (42–50-пункттар)

AG38 [Алып салынган]

**Ишканада «азыркы учурда укуктук коргоо менен камсыз кылынган таанылган суммаларды чегерүүнү жүргүзүү укугу бар экенин» караштырган критерий (42(а)-пункту)**

AG38A Чегерүүнү жүргүзүү укугу азыркы учурда орун алышы мүмкүн же болбосо болочокто кээ бир окуялар менен шартталуусу ыктымал (мисалы, укук келечекте кандайдыр-бир окуя болуп калса гана, мисалы, милдеттенмени аткаруу, контрагенттердин биринин кудуретсиздиги же банкроттуулугу сыяктуу кандайдыр окуялар келип чыгышы же аткарылуучу болуп калышы мүмкүн). Эгерде чегерүү укугу келечектеги окуя менен шартталбаганда, мындай болуп калуусу мүмкүн, ал ишкананын демейки ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө гана, же милдеттенме аткарылбаган учурда, же бир же бардык контрагенттердин кудуретсиздиги же банкроттугу келип жеткен учурда укуктук коргоого ээ болот.

AG38B 42(а)-пунктунун критерийлери аткарылыш үчүн, ишкана азыркы учурда укуктук коргоо менен камсыз кылынган чегерүүнү жүргүзүү укугуна ээ болушу керек. Бул чегерүүнү жүргүзүү укугу төмөнкүлөрдү түшүндүрөрүн билдирет:

(а) келечектеги окуя менен шартталбашы керектигин; жана

(b) бардык төмөнкү жагдайларда юридикалык жактан бекемделген болушу керектигин:

(i) демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө;

(ii) милдеттенме аткарылбаган учурда; жана

(iii) ишкананын же болбосо контрагенттердин ичинен кимдир бирөөнүн кудуретсиздиги же банкроттугу учурунда.

AG38C Анын аткарылышына тийиштүү кандай болбосун шарттарды кошуп алганда, чегерүүнү жүргүзүү укугунун мүнөзү жана көлөмү, ошондой эле милдеттенмелерди аткарбаган учурда, кудуретсиздикте же банкроттукта анын сакталып калар/калбасы жөнүндө маселе ар кыл юрисдикцияларда айырмалануусу мүмкүн. Натыйжада, ишкананын демейки ишмердүүлүгүнүн жүрүшүнөн тышкары чегерүүнү жүргүзүү укугу ишканада болот деп болжолдоого болбойт. Мисалы, тигил же бул юрисдикцияда банкроттукка же кудуретсиздикке карата мыйзамдар кээ бир жагдайларда банкрот же кудуретсиз болгон учурда чегерүүнү жүргүзүү укугуна тыюу салуусу же чектөөсү мүмкүн.

AG38D Чегерүүнү жүргүзүү укугу демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө, милдеттенмелер аткарылбаган учурда укуктук коргоо менен камсыз кылынганына ынануу үчүн, ошондой эле ишкананын жана бардык контрагенттердин кудуретсиздиги же банкроттугу учурунда (AG38B(b)-пункутунда көрсөтүлгөндөй) тараптардын

© ФОЭС Фонду

ортосундагы өз ара мамилелерге колдонулуучу аракеттеги мыйзамдардын талаптарын кароо керек (мисалы, келишимдердин жоболорун, келишимдердин аткарылышын жөнгө салуучу мыйзам актыларын, же болбосо келишимдин тараптарына колдонулуучу, милдеттенмелердин аткарылбаганын, кудуретсиздик же банкроттук маселелерин жөнгө салуучу мыйзам актыларын).

**Ишкананын «эсептешүүлөрдү нетто-негизде жүргүзүүгө же бир эле убакта активди сатууга жана милдеттенмени аткарууга ниетин» караштырган критерий (42(b)-пункт)**

AG38E 42(b)-пунктунун критерийи аткарылышы үчүн ишкана эсептешүүлөрдү нетто-негизде жүргүзүү, же болбосо бир убакта активди сатуу жана милдеттенмени аткаруу ниетинде болушу керек. Ишкананын эсептешүүлөрдү нетто-негизде жүргүзүү укугу бар болушу мүмкүн экенине карабастан, ал ошентсе да, активди сатууну жана милдеттенмени аткарууну өзүнчө жүргүзүшү мүмкүн.

AG38F Эгерде ишкана өз ара эсептешүүлөрдү натыйжасы иш жүзүндө нетто-негиздеги эсептешүүлөргө эквиваленттүү болгудай жүргүзө алса, анда 42(b)-пунктунан нетто-негиздеги эсептешүүлөрдүн критерийи мындай ишкана үчүн аткарылат. Бул эгерде дүң негизде эсептөөлөрдүн механизми, орчундуу эмес тобокелдикке жана ликвиддүүлүктүн тобокелдигине алып келүүчү же аларды жокко чыгаруучу мүнөзгө ээ болгон жана дебитордук жана кредитордук карызды эсептешүүлөрдүн бирдиктүү процессинин же эсептешүүлөрдү жүргүзүү циклинин алкактарында иштетүүнү камсыз кылган учурда болуп өтөт. Мисалы, 42(b)-пунктунан нетто-негиздеги эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн критерийи бардык төмөнкүдөй мүнөздөмөлөргө ээ болгон дүң негиздеги эсептешүүлөрдүн системасы үчүн аткарылат:

(a) чегерүүгө уруксат кылынган финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер иштетүү үчүн убакыттын бир эле учурунда берилет;

(b) активдер жана финансылык милдеттенмелер иштетүү үчүн берилгенден кийин, келишимдин тараптары эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча милдеттенмени аткарууга милдеттүү;

(c) алар иштетүү үчүн берилгенден кийин (иштетүү жүргүзүлбөгөн учурлардан тышкары – төмөндө (d)ны караңыз), активдер жана милдеттенмелер боюнча келип чыгуучу акча каражаттарынын агымдарын өзгөртүү мүмкүнчүлүгү жок болот;

(d) баалуу кагаздар менен камсыз кылынган активдер жана милдеттенмелер боюнча эсептешүүлөр баалуу кагаздарды өткөрүп берүү аркылуу же ушуга окшош системанын (мисалы, төлөмгө каршы берүү) жардамы менен жүргүзүлөт, ошентип, эгерде баалуу кагаздарды өткөрүп берүү жүрбөсө, тийиштүү дебитордук же кредитордук карыздар дагы ошондой эле жүрбөйт, анда ал үчүн ушул баалуу кагаздар камсыздоо болуп саналат (жана тескерисинче);

(e) (d)да көрсөтүлгөндөй жүргүзүлбөгөн операциялар, ошол учурга чейин, алар боюнча эсептешүүлөр жүргүзүлмөйүнчө, иштетүү үчүн кайрадан кайталанып берилет;

(f) эсептешүүлөр ошол эле бир мекеменин эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруусу аркылуу жүргүзүлөт (мисалы, төлөмдөр системасынын эсептик банкы, борбордук банктын же баалуу кагаздардын борбордук депозитарийи);

(g) бир күндүн алкагында кредиттөө механизми болот, ал эсептешүүлөрдүн күнүнө ар бир тараптан төлөмдөрдүн өтүшүн камсыз кылыш үчүн овердрафт боюнча жетиштүү сумманы тартууга мүмкүнчүлүк берет, жана эгерде ушундай муктаждык келип чыкса, тараптардын бир күндүн алкагында кредиттөө механизмин пайдаланып калууларына иш жүзүндө толук ишеним пайда болот.

AG39 Ушул стандарт өзүнчө финансылык инструменттердин тобу болуп саналган, башка инструменттин мүнөздөмөсүн кайра чыгаруу үчүн сатып алынган жана кармалып турган, «синтетикалык инструменттер» деп аталгандар үчүн эсепке алуунун атайын тартибин карабайт. Мисалы, өзгөрүлмө пайыздык ставка боюнча эсептелген, төлөмдөрдү алууну өзүнө камтыган, пайыздык своп менен бириктирилген өзгөрүлмө пайыздык ставкасы менен узак мөөнөттүү карыз милдеттенмеси, бекитилген пайыздык ставка боюнча эсептелген төлөмдөрдү которуу узак мөөнөттүү карыз милдеттенмесин бекитилген ставка менен синтездештирет. Чогуу «синтетикалык инструментти» түзүүчү финансылык инструменттерди ар бири өзүнчө, өздөрүнүн өздүк мөөнөттөрү жана шарттары менен келишимдик укукту же милдеттенмени билдирет. Мында ар бир инструмент өткөрүлүп берилиши же өзүнчө төлөнүшү мүмкүн. Демек, качан бир финансылык инструмент «синтетикалык инструментте» актив, ал эми экинчиси – милдеттенме болуп саналганда, алар өз ара чегерилбейт жана качан алар 42-пунктта камтылган өз ара чегеришүү үчүн критерийлерге жооп берген учурларды кошпогондо, ишкананын нетто-негиздеги финансылык абалы жөнүндө отчетто көрсөтүлбөйт.

AG40 [Алып салынган]